# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | ОКТЯБРЬ **2018** | **№ 10 (84) чыгарылышы**

Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

**ЖӨБдүн кызмат көрсөтүүлөрү**

Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдүн ачык жана эффективдүү системасын түзүүгө убакыт жетти: реформалоонун иш-аракеттери жана аны талкуулоо ... 2

**Бош убакытты өткөрүү**

Балыкчы ... 5

Ала-Бука районунун Биринчи май АА ... 6

Тогуз-Торо районунун Каргалык АА ... 7

**Суу менен жабдуу**

Түп районунун Арал АА ... 8

**Бала бакча**

Жети-Өгүз районунун Липенка АА ... 9

Аксы районунун Авлетим АА ... 10

Тогуз-Торо районунун Көк-Ирим АА ... 10

Ноокен районунун Масы АА ... 11

**Мектепте тамактануу**

Тогуз-Торо районунун Тогуз-Торо АА ... 13

**Көчөлөрдү жарыктандыруу**

Аксы районунун Жаңы-Жол АА ... 14

**Муниципалдык ишкана**

Токтогул шаардык мэриясына караштуу “Көрктөндүрүү” муниципалдык ишканасы ... 16

**ЖӨБдүн кызмат көрсөтүүлөрүнө окутуу**

“Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” Долбоору Кыргыз Республикасынын эки регионунда кызмат көрсөтүүлөрдүн эки түрү боюнча эки тажрыйба алмашуу сапарын ийгиликтүү өткөрдү ... 19

Теңме - тең ... 20

**ЖӨБдүн финансысы**

Кысымда калган жергиликтүү бюджеттер аймактардын өнүгүүсүнө бут тосууда ... 24

22 жылдан бери кысымга алынып келаткан жергиликтүү бюджеттер ... 24

Жергиликтүү бюджеттердин экономикалык негизден ажыроосу ... 25

Ким жакыр? Салыктык кирешелерди аймактар боюнча бөлүштүрүүнүн кылкасыздыгы ... 26

Киреше салыгы жана патенттерден салык Бишкекте кала берүүдө ... 27

Шаарлар сатуудан алынган салыкты реформалоодон убайым тартууда ... 28

Салыктык эмес кирешелер жана жер казынасына салык элеттик бюджеттерди колдоп келүүдө ... 29

Менчикке жана жерге салык начар жыйналып жатат ... 30

Бишкектеги жана Оштогу акыга кызмат көрсөтүүлөр – коррупциянын очогубу? ... 31

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***
Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***
Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.
**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.
**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

# Жергиликтүү деңгээлдеги кызмат көрсөтүүлөрдүн ачык жана эффективдүү системасын түзүүгө убакыт жетти: реформалоонун иш-аракеттер планы жана аны талкуулоо

**ЖДКЖ Долбоору КР Экономика министрлигинин (мындан ары – КР ЭМ) жана КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин (мындан ары – ЖӨБЭММА) жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөр системасын оптималдаштыруу маселелери боюнча ишин колдоого алды.**

Кызмат көрсөтүүлөр системасындагы реформа өлкөдө 2011-жылы башталган. Ошол жылдын 31-мартында КР Өкмөтүнүн "Жеке жана юридикалык жактарга мамлекеттик кызмат көрсөтүү системасын оптималдаштыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтому кабыл алынган болчу. 2015-жылы "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" КР Мыйзамын жана 2016-жылы Бюджеттик кодекси киргизүү менен институционалдык өзгөрүүлөр бекитилген. Бирок кызмат көрсөтүүлөрдү аныктоого карата 2000-жылдары тандалып алынган ыкма жана мунун үстүнөн жүргүзүлгөн иштер кайсы бир деңгээлде өнүгүүнү оздуктаган фактор болуп калды. Кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрине (базалык жана кошумча) карата формалдуу мамиле, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө мыйзамдарды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамды чечмелөөгө карата жасалган мамиле көйгөйдү чечүү үчүн жетишсиз аспап болуп калды. Анткен менен, эгерде жакшылап карай келсе, "кызмат көрсөтүүлөр" категориясы мамлекеттик да, муниципалдык да башкаруунун системасын түптөө үчүн жаңы горизонтту ачып жатат. Эмне үчүн?

Себеби реалдуулукта ар бир конкреттүү аймактын, муниципалитеттин жашоочуларынын коомдук муктаждыктарынын топтому бар. Ошол муктаждыктарды канааттандыруунун аспабы – коомдук кызмат көрсөтүүлөр. Жакшылап карай келгенде, бул коомдук кызмат көрсөтүүлөр мыйзамдарда жергиликтүү маанидеги маселелер деп аныкталган маселелер болуп чыга келет. Анда ЖӨБ органдарынын коомдук кызмат көрсөтүүлөрдү берүү боюнча иши, коомдук милдеттенмелерди жана башкаруунун функцияларын жүзөгө ашыруу жашоочулардын жыргалчылык деңгээлин түзүп жатат жана мунун баары ченемдик жактан бекитилип калган!



Калк талап кылган кызмат көрсөтүүлөрдүн максималдуу көлөмү жашаган жер боюнча, муниципалитеттерде берилиши керек. Себеби муниципалитеттер – бул адамдын башкаруу системасы менен өз ара аракеттенүүсү топтолгон жер. Ошондуктан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине "тейлөө" мүнөзүн камсыз кылуу, аларды калкка сапаттуу кызмат көрсөтүүгө багыттоо өтө маанилүү маселе. Ошону менен бирге "кызмат көрсөтүүлөр" категориясы борбордук жана жергиликтүү деңгээлде башкаруу системасын реформалоодо өзөктүк чынжыр боло алат жана болушу керек. Бул жерде сөз башкаруу системасынын жана өз алдынча башкаруунун ишин максаттуу, милдеттик жана функционалдык жактан күтүүнү өзгөртүү тууралуу болуп жатат.

Ушул тапта кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү муниципалдык башкаруунун теоретиктери жана практиктери туш болгон бир катар көйгөйлөр аныкталып калды:

- кызмат көрсөтүүлөр менен жергиликтүү маанидеги маселелер ортосундагы байланыш өтө чабал;
- жергиликтүү маанидеги маселелердин так өзгөчөлүктөрү жок, алардын максаттары, усулдары жана жыйынтыктары жазылган эмес, бул болсо ошол маселелердин көлөмүн жана аларды чечүүнүн ыкмаларын өзү каалагандай чечмелөөгө жолу ачууда; жалпысынан бул көрүнүш ЖӨБ органдарынын өз ыйгарым укуктарынын көлөмү конкреттүү мазмунга толбогонуна алып барууда;
- кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөөчүгө түшүнүктүү болгон, так параметрлери жок;
- ЖӨБ органдарынын ишинин форматы жана

жол-жоболору жана алардын уюштуруучулук түзүмү кызмат көрсөтүүлөр системасы жана жергиликтүү маанидеги маселелер менен байланышкан эмес;

- калк жалпысынан жергиликтүү өз алдынча башкарууга, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө көп жакшы катышпайт, ошондой эле кызмат көрсөтүүгө терең ойлонулган суроо-талап же заказ бербейт;
- тармактык мыйзамдар ЖӨБго басым жасаган көрүнүш бар, ошондой эле мамлекеттик ыйгарым укуктар эч көзөмөлсүз, ресурстарды бербестен эле өткөрүлгөн учурлар көбөйдү, жергиликтүү маанидеги маселелердин чөйрөсү өзүм билемдик менен кеңейип эле жатат, атайын эсептер жана акыга кызмат көрсөтүүлөр жаатында көйгөйлөр бар.

Мунун баары өкмөттөн Кыргыз Республикасынын эффективдүү “тейлеме” жергиликтүү өз алдынча башкарууну түптөй ала турган регулятивдүү чөйрөнү кайра түзүүнү талап кылууда. Бул болсо соңунда жергиликтүү жамааттардын коомдук кызмат көрсөтүүлөргө болгон муктаждыгын канааттандырууга багытталышы керек. 2018-жылдын 23-августунда эки ведомствонун биргелешкен буйругу жарык көрдү – КР ЭМдин №98 жана ЖӨБЭММАнын № 01-18/104 буйругу менен 2018-жылдан 2023-жылга чейинки мезгилге эсептелинген жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөр системасын оптималдаштыруу боюнча чаралардын Планы бекитилген. Бул планга төмөнкүдөй тапшырмалар кирген.

**1-тапшырма. жергиликтүү жамааттын муктаждыктарына жана ЖӨБОнун “тейлеме мүнөздөгү” заманбап талаптарына жооп берген, жергиликтүү деңгээлдеги кызмат көрсөтүүлөрдүн актуалдуу “моделин” иштеп чыгуу.**

1.1. Коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн моделин түзүү үчүн методологиялык негиздерди иштеп чыгуу.

1.2. ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерди (ЖММ) ишке ашыруусу катары коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн моделин иштеп чыгуу.

1.3. ЖӨБ органдары ишке ашырган ЖММ катары коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн терминологиялык базасын өркүндөтүү.

1.4. Бардык кызыкдар жактар менен консультацияларды өткөрүү.

1.5. Кызмат көрсөтүүлөрдүн сандык жана сапаттык параметрлеринин, шарттарынын жана кызмат көрсөтүүдөгү чектөөлөрдүн пакетин иштеп чыгуу.

1.6. Ченемдик жактан бекитүү.

1.7. Окуу китептерин жана окуу-методикалык материалдарды даярдоо.

**2-тапшырма. Максаттуулук, натыйжалуулук жана эффективдүүлүк предметине ЖММнын мазмунуна анализ жасоо**

2.1. Соңку жыйынтыктар боюнча ЖММнын аткарылышы боюнча ЖӨБОнун иши менен таанышуу

2.2. ЖММдан жана ЖӨБОнун коомдук милдеттенмелеринен пайда болгон функциялардын бирдиктүү реестрин түзүү.

2.3. Чөйрөлүк мамиленин негизинде ЖӨБОнун коомдук функцияларын киргизүүнүн тапшырмаларын жана предметин аныктоо

2.4. Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин түзүү, Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестрин чыгарып салуу (жоюу).

**3-тапшырма. ЖММны аткаруу боюнча ЖӨБОнун “өз ыйгарым укуктарына” анализ жүргүзүү (укуктук жана уюштуруучулук өңүттөрү).**

3.1. ЖММны аткаруу боюнча ЖӨБОнун өз ыйгарым укуктарынын толуктугун аныктоо максатында ченемдик-укуктук актылар менен таанышуу

3.2. ЖӨБ органдарынын муниципалдык ишканаларга жана башка чарба жүргүзүүчү структураларга өткөрүп берген ыйгарым укуктарына инвентаризациялоо жүргүзүү

3.3. ЖӨБ органдарынын уруксат берүүчү-лицензиялык ишине инвентаризациялоо жүргүзүү,

3.4. ЖӨБ органдарынын башкаруучулук ишин чарба (бизнес) жүргүзүү ишинен ажыратуу

3.5. Коомдук кызмат көрсөтүү катары ЖММны аткаруу боюнча ЖӨБ органдарынын “өз ыйгарым укуктарына” анализ жүргүзүү тартибин (алгоритмин) иштеп чыгуу.

**4-тапшырма. Жарандардын ЖММны ишке ашырууга жана суроо-талапты (заказды) түзүүгө катышуу системасын иштеп чыгуу. Жарандар жергиликтүү деңгээлдеги кызмат көрсөтүүлөрдүн курамын жана сапатын аныктоого катышуусу керек.**

4.1. ЖММны ишке ашырууга катышуу үчүн жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрүнүн социалдык потенциалын активдештирип, өнүктүрүү.

4.2. Калк менен бийликтин өз ара аракеттенүүсүнүн, жалпы маалыматтык жана укуктук мейкиндигинин эффективдүү аспаптарын жаратуу, бул аспаптар өз ара аракеттенүүнүн эффективдүүлүгүн камсыз кылышы керек.

4.3. Жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрүнүн кызмат көрсөтүүгө болгон муктаждыктары тууралуу маалыматты чогултуу жана анализ жасоо механизмин иштеп чыгуу.

4.4. ЖӨБОнун кызмат көрсөтүүлөр боюнча ролу/жоопкерчилиги тууралуу калкты кабардар кылуунун механизмдерин иштеп чыгуу.

4.5. Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн ЖӨБО кызматкерлеринин потенциалын өркүндөтүүнүн механизмдерин киргизүү.

4.6. ЖӨБОнун ишине коомдук мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктарын колдонуу механизмдерин киргизүү.

**5-тапшырма. ЖММны уюштуруу жана калкты кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык комплекси менен камсыз кылуу боюнча ЖӨБОнун ишинин принциптерин (моделин) иштеп чыгуу.**

5.1. Коомдук кызмат көрсөтүү системасын башкаруунун жаңы формаларын жана усулдарын киргизүү боюнча ЖӨБ органдары үчүн методикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу.

5.2. Өзүнүн чыгаша ыйгарым укуктарын жана коомдук милдеттенмелерин аткаруунун негизинде муниципалитеттерди түзүү моделин иштеп чыгуу.

5.3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ишканалардын жана мекемелердин системасын муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн функциясынын жана реестринин классификациясына жараша түзүү.

5.4. Бюджетке жүктү азайтууну, аймактарда атаандаштыкты өнүктүрүүнү камсыз кылган кызмат көрсөтүүлөрдүн өзгөчө эффективдүү ыкмаларын, калкка толук өлчөмдө кызмат көрсөтүүлөрдү жана коррупцияга каршы чараларды киргизүү.

**6-тапшырма. ЖММны ишке ашыруу жана жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүү боюнча (кандай болсо) ЖӨБОнун ишин ченемдик жактан камсыздалышына анализ жасоо жана ЖӨБОнун ишинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чара көрүү.**

6.1. Жергиликтүү маанидеги маселелерге тиешелүү болгон колдонуудагы ченемдик укуктук актылар "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамына канчалык шайкеш келгенине деталдуу анализ жүргүзүү.

6.2. ЖӨБОнун функцияларын жана ыйгарым укуктарын жөнгө салган КРнын тармактык мыйзамдарына инвентаризациялоо жүргүзүү

6.3. Ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүгө тиешелүү болгон колдонуудагы ченемдик укуктук актыларга деталдуу анализ жасоо.

6.4. Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жөнгө салган ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү.

6.4. КР мыйзамдарына жүргүзүлгөн анализдин жана киргизилген өзгөрүүлөрдүн негизинде ЖӨБО үчүн пратикалык колдонмону иштеп чыгуу.

6.5. Ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү боюнча жасалган иштердин жыйынтыктары боюнча ЖӨБОнун ишин оптималдаштыруу боюнча уюштуруучулук-техникалык чараларды көрүү.

**7-тапшырма. Калкты кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык комплекси менен камсыз кылууну уюштуруунун финансылык механизмин иштеп чыгуу.**

7.1. Түрдүү моделдер үчүн жергиликтүү деңгээлде ЖММнын алкагында кызмат көрсөтүүлөрдү аткарууну ресурстук камсыз кылуунун Методологиясын иштеп чыгуу.

7.2. ЖӨБ органдарынын ЖММны ишке ашыруусу катары коомдук кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоонун механизмин иштеп чыгуу.

7.3. ЖММны аткарууда ЖӨБОнун кызмат көрсөтүүлөрдүн, милдеттенмелердин жана башкаруучулук функциялардын баасын аныктоо боюнча механизмди иштеп чыгуу.

7.4. ЖММны аткаруу боюнча муниципалдык заказды түзүү методикасын иштеп чыгуу.

7.5. Калкка кызмат көрсөтүүлөрдүн соңку жыйынтыктарына жетүүнүн эффективдүүлүгүнүнө финансылык баа берүүнүн методикасын иштеп чыгуу.

**8-тапшырма. Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөр системасын оптималдаштыруу боюнча чараларды ишке ашырууну башкаруу механизмин иштеп чыгуу (2018-2023).**

8.1. Тийиштүү аймактарды өнүктүрүү маселелерин кошкондо, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү жамааттардын ролун жана жоопкерчилигин күчөтүү максатында мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча Планды даярдап, Жумушчу топтун кароосуна киргизүү (КР президентинин 2018-жылдын 10-январындагы №2 Буйругу)

8.2. Пландын аткарылышы боюнча иштерди уюштуруу

8.3. ЖММ алкагында коомдук кызмат көрсөтүүлөр процессин башкаруунун моделин иштеп чыгуу.

8.4. Жергиликтүү маанидеги маселелерге операциялаштырууну жүргүзүү.

8.5. ЖӨБ органдарынын ЖММны ишке ашыруусу катары коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн социалдык-экономикалык эффективдүүлүгүн жогорулатуу.

8.6. Коомдук кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу жана камсыз кылуу боюнча ЖӨБ органдарынын жана алардын кызматкерлеринин ишин укуктук жөнгө салуусун өркүндөтүү.

8.7. Жергиликтүү жамаатка коомдук кызмат көрсөтүү жаатында ЖӨБ органдарынын кадрларынын потенциалын жогорулатуу.

2018-жылдын 17-октябрында КР Экономика министрлиги ЖДКЖ Долбоору менен биргелешп "КРда кызмат көрсөтүүлөрдүн төлөмө моделин өнүктүрүү" деген аталышта семинар өткөрдү. Иш-чарага мамлекеттик органдардын, эксперттик жамааттын жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү катышты. Семинар жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөр системасын оптималдаштыруу боюнча чаралардын Планындагы биринчи тапшырманын үстүнөн иштөө боюнча алгачкы иш-чара болуп калды.

Семинардын процессинде катышуучулар КРда кызмат көрсөтүү системасынын абалына жасалган серепти кошкондо темалардын бардык өңүттөрүн талкуулай алышты. Алар: жетишилген жыйынтыктар жана перспективалар; коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн теориясы позициясынан алганда КРда кызмат көрсөтүүлөр системасын өнүктүрүүгө карата мамиле; Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын "кызмат көрсөтүүлөрүнүн" типологиясы; кызмат көрсөтүүлөрдун чет өлкөлүк практикасы; КРда кызмат көрсөтүүлөрдүн төлөмө моделинин концепциясы. КРда кызмат көрсөтүүлөрдүн төлөмө моделинин сунушталган концепциясы түшкөн сунуштарды жана ой-пикирлерди эсепке алуу менен толук иштелип чыгат жана ушул жылдын аягына чейин талкууга коюлат.



# БАЛЫКЧЫ

2018-жылдын 11-октябрында Балыкчыда ЖДКЖ Долбоорунун колдоосу менен оңдолуп чыккан сейил бактын ачылыш аземи өттү. Шаардын долбоору “Балыкчы ш. борбордук сейил бакта бош убакытты жана маданиятты уюштуруу” деп аталды. Сейил бакты реконструкциялоого багытталган жалпы сумма 8 000 000 сомду түздү. Бул акчанын жарымын долбоор, ал эми жарымын шаар инвестиция кылды.

Сейил бакты реконструкциялоонун алкагында 2.5 гектар аянтта брусчатка төшөлүп, жарыктандыруу өткөрүлүп, тегерек чети тосмолонуп, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарга ыңгайлаштырылган даараткана курулду. 4,5 миң чарчы метр көлөмүндө парктык зоналар бош убакытты өткөрүү кызмат көрсөтүүсүн камсыз кылуу үчүн жеке ишкерлерге ижарага өткөрүлүп берилет.

Дамира НОРУЗБАЕВА, Балыкчы шаарынын тургуну: “Эки жыл мурда сейил бак кароосуз жаткан бир аймак болчу. Бул жерде бош убакытты өткөрүү үчүн эч кандай шарттар болгон эмес. Бак кароосуз жаткандыктан жүрүм-туруму начар адамдар көп келчү. Бирок шаарда балдарың жана неберелериң менен убакыт өткөрүп, башка адамдар менен отуруп сүйлөшүү үчүн кумжээктен башка эч кандай сейил бак же сквер жок. Парк акыры “калыбына келтирүү” шансына ээ болгонун укканда абдан сүйүндүк. Азыр парктын чет-чекесин тосмолоп, отургучтары бар аянтчаны жасап, жарык өткөрүп коюшту. Кечинде бул жерге балдар менен келебиз, алар аянтчада ойношот, велосипед тебишет. Анан дагы жергиликтүү ишкерлер аянтчаны ижарага алып, бул жерге батуттарды жана башка аттракционду орното турганын уктук. Анда биздин сейил бак жыл бою эл көп келе турган жерге айланат”. М







# Ала-Бука районунун Биринчи май айылдык аймагы




2018-жылдын 15-августунда Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районунун Биринчи май айылдык аймагынын Айры-Там айылында чакан футбол талаасынын салтанаттуу ачылыш аземи өттү. Дене тарбия жана спорт чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуунун натыйжасында ЖДКЖ долбоорунун колдоосу менен айылда жашаган 350 кыз-жигит үчүн шарттар түзүлдү. Ошондой эле кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу үчүн өспүрүмдөрдүн спорттук мектебине дагы бир кошумча машыктыруучу тартылды.








# Тогуз-Торо районунун Каргалык айылдык аймагы



2018-жылдын 25-октябрында Ж.Кадыров атындагы сейил бактын ачылышынын расмий аземи өттү. Бул сейил бак Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районунун Каргалык айылдык аймагынын Казарман айылынын дээрлик 12 миң тургуну үчүн ачылды. Сейил бакты реконструкциялоо демилгесин ЖДКЖ Долбоору колдоп берген. Сейил бакты реконструкциялоого багытталган жалпы сумма дээрлик 2,5 миллион сомду түздү. Мунун ичинен 2,1 миллион сомду долбоор бөлгөн. Ал эми 400 миң сом Каргалык айылдык аймагынын өз салымы болуп эсептелинет.

Ачылыш аземине Тогуз-Торо районун акими – мамлекеттик администрациянын башчысынын өкүлдөрү, райондук маданият бөлүмүнүн жетекчиси, Караглык айыл өкмөтүнүн башчысы, жергиликтүү кеңештин төрагасы жана депутаттары, ЖДКЖ Долбоорунун өкүлдөрү жана кошуна айылдык аймактардын өкүлдөрү, ошондой эле Каргалык айылдык аймагынын жашоочулары катышты.

Реконструкциялоо боюнча жумуштардын жүрүшүндө 5,5 гектар аймакта 1500 м2 брусчатка төшөлдү, 36 устундун жардамы менен жарык берилди, 17 отургуч орнотулду, ошондой эле балдар үчүн батуттарды, бассейнди жана оюн аянтчасын орнотуу үчүн атайын участоктор даярдалды. Ошондой эле участокто газон даярдалып, сугаруу системасы орнотулду. Ошол эле маалда жаштар үчүн акысыз WI-FI зонасы жана айылдын аймагында элге жаңылыктарды, жарыяларды жана маалыматтарды жеткирүү үчүн электрондук маалыматтык табло орнотулду.

"Сейил бак калыбына келтирилгенине абдан кубанычтабыз. Эми велосипед тээп, достор менен ойноо үчүн бул жакка көбүрөөк келе баштадык. Бирок биз баарынан да жай мезгилин күтүп жатабыз. Жайында бул жерде бассейн болот деп убада беришүүдө. Эгерде ошондой болсо, анда жай мезгили биз үчүн көңүлдүү өтмөк", - деп айтты Казарман айылынын жаш тургуну. M





# Түп районунун Арал айылдык аймагы



Ысык-Көл облусунун Түп районунун Арал айылдык аймагында 2018-жылдын 12-октябрында Арал жана Миң-Булак айылдарындагы жаңы конуштарды таза суу менен жабдуу боюнча жаңы системанын ачылышы болду. Жаңы конуштардын жашоочуларынын таза сууга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу ЖДКЖ Долбоорунун колдоосу менен мүмкүн болду.

Долбоордун пилоттук муниципалитети болгон айыл өкмөтү жаңы конуштардын элин таза суу менен камсыз кылуу боюнча планды ишке ашырды. Муну Арал айылындагы суу менен жабдуу системасын кеңейтүү жолу менен жасашты. Бул үчүн жалпы суммасы 4,2 миллион сомго узундугу 3540 метр болгон жаңы суу түтүк тарамын курушту. Бул үчүн айыл өкмөтү “Белек” ТСКАКБнын кызматкерлери менен ЖДКЖ долбоору сунуштаган методика боюнча экономикалык жактан негизделген тарифти эсептеп чыгышты. Тарифтин жаңыланган эсеби калк менен талкууга чыгарылып, коомдук угуударда бул тууралуу маалымат берилди. Анда тарифти айылдык аймактын калкы жактырып, андан соң айылдык кеңештин сессиясында бекитишти. Буга чейинки тариф айына бир адамга 25 сомду түзчү. Жаңы тариф - 1 $м^3$ үчүн 30 сом болуп калды.

Абоненттерди эсепке алуунун билинг системасы орнотулду. ТСКАКБ көчөдөгү колонкалар аркылуу суу берүүдөн суу өлчөгөн эсептегичтер аркылуу короого жеткире баштады. Бул болсо ичүүчү сууга аяр мамиле жасоону камсыз кылат, ошондой эле суу кызмат көрсөтүүлөрү үчүн акы чогултуу деңгээлин жогорулатат. Бул долбоор ишке ашкандан кийин Арал жана Миң-Булак айылдарындагы жаңы конуштардын 500дөн ашуун тургуну таза суу менен камсыз болушту!

Талант АШЫРМАТОВ, Арал айылындагы жаңы конуштун жашоочусу: “Бизде ичүүчү сууга байланыштуу көйгөй дайыма эле болуп келген. Алыска барып, бир күнгө запас кылып алууга мажбур болчубуз. Эми болсо таза суу үйүбүздөн эле чыгып калды. Бул биз үчүн чоң кубаныч, үй-бүлөбүздүн тиричилик түйүшүгүн бир кыйла азайтты”.





# Жети-Өгүз районунун Липенка айылдык аймагы



Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Липенка айылдык аймагынын Богатыровка айылында 12-октябрда бала бакчанын ачылыш аземи өттү. ЖДКЖ Долбоору менен ийгиликтүү кызматташтыктын натыйжасында Липенка айыл өкмөтү мектепке чейинки курактагы балдар үчүн билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртууга грант утуп алган. Мектепке чейинки курактагы балдар үчүн билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу боюнча иш-аракеттер планына Богатыровка айылындагы мурдагы бала бакчаны калыбына келтирүү да кирген. Мектепке чейинки билим берүү мекемесинин директору, демилгелүү жумушчу топтун мүчөсү Кымбат СУЛТАНАЛИЕВА буларды айтты: “Липенка ААнын аймагында мектепке чейинки балдардын мекемеси болгон эмес. Ушул тапта утуп алган гранттын каражатына совет доорунда эле жабылган бала бакчанын мурдагы корпусу оңдолду. Ошондой эле учурдун талаптарына жооп берген жаңы имарат курулган. Мектеп жашына чейинки курактагы балдарды окутуу үчүн жабдуулар жана окуу-методикалык китептер сатып алынган. Жети-Өгүз райондук билим берүү бөлүмү штаттык ырааттаманы жана бала бакчанын тарификациясын бекитти”. Асаналы БУЙЛАШЕВ, Богатыровка айылынын жашоочусу: “Неберелерибиз билим алып, өнүгө турган бала бакча ачылып жатканына абдан кубанычтабыз. Мектепке чейинки куракта даяр болгон балдар мектепте да, жашоодо да ийгиликтерге жетише алаарын жакшы түшүнөбүз”.







# Аксы районунун Авлетим айылдык аймагы



2018-жылдын 14-августунда Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Авлетим айылдык аймагынын Мукур жана Байгашка-Терек айылдарында эки мектепке чейинки билим берүүчү мекеменин ачылышы өттү: 50 орундуу №24 “Эдельвейс” аттуу бала бакча жана 60 орундуу №25 Раткан Кожоакматов атындагы бала бакча ачылды. Мукур жана Байгашка-Терек айылдарында мектепке чейинки билим берүү чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуунун натыйжасында бүгүнкү күндө 110 нaристе бала бакчаларга бара алышат. Мындан тышкары айыл тургундары үчүн 22 жумуш орун түзүлдү. Балдардын ата-энелери акча табуу үчүн убактысы кенен болуп калганын айтышууда. Ошентип кызмат көрсөтүүнү жолго салуу менен калктын социалдык-экономикалык өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттар түзүлдү.

# Тогуз-Торо районунун Көк-Ирим айылдык аймагы



25-октябрда Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районундагы Көк-Ирим айылдык аймагындагы Бирдик айылында “Актан” бала бакчасынын көптөн бери күтүлүп жаткан ачылышы болду. Жаңы мектепке чейинки билим берүүчү мекемеге 50 нaристе бара баштады. Көк-Ирим айылдык аймагы мектепке чейинки курактагы балдар үчүн билим берүүчү кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча мыкты иш-аракеттер планына жарыяланган конкурста жеңишке жеткен. Бул конкурс ЖДКЖ Долбоорунун алкагында өткөрүлгөн.

Жасалган иштердин натыйжасында бала бакча 50 нaристеге эшигин ачты. Ошондой эле жергиликтүү тургундар үчүн 16 жумушчу орун түзүлдү. Жону жука үй-бүлөдө өскөн балдарды бакчага кабыл алууда артыкчылык берилет. Айыл тургундары, анын ичинде нaристелердин балдары мектепке чейинки билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу алардын жашоосуна оң таасир тийгизгенин, себеби жумушка чыгууга шарт

түзгөнүн белгилешти. Атүгүл бул кызмат көрсөтүү жалпысынан айылдын социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу үчүн да шарт түзүп жатат.

Айгүл ДАЛБАЕВА, Бирдик айылынын тургуну: "Бул биздин айылдагы алгачкы бала бакча. Мурда балдарыбыз короодо эле ойноп жүрүшчү, аларга сөзсүз бирөөбүз баш көз болуп турчубуз. Эми болсо кызыма бала бакчага барган жагат. Кыска убакыт ичинде эле кызым көп ырды жаттап, бийлегенди





үйрөндү. Элдин алдына чыккандан да тартынбай калды". "Айыл тургундары үчүн бол чоң окуя болду. Анткени мурда бул айылда мектепке чейинки билим берүүчү мекеме болгон эмес. Эми бул бала бакчада билим алган балдарыбыз келечекте дипломат болуп, дүйнөлүк деңгээлде Кыргызстандын атагын чыгарат деп үмүттөнөбүз. "Ааламга жол айылдан башталат" деп жөн жеринен айтылбаса керек", - деп белгиледи Көк-Ирим айыл өкмөтүнүн башчысы Кадырбек ЭПЕЕВ.



# Ноокен районунун Масы айылдык аймагы

Жалал-Абад облусунун Ноокен районундагы Масы айылынын элинин саны 17 миң кишиден ашат. Айыл көп улуттуу. Бул айыл жергесинде мектепке чейинки билим берүүгө жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу көйгөйү дайыма эле курч турган. Себеби экиден жети жашка чейинки курактагы 2400 баланын ичинен 795 бала же 33% гана бала бакчага барышчу. Калган балдар зарыл шарттардын же мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугунан улам да, коррупциялык схемалар үчүн да бала бакчага бара албай келишкен. Себеби бал-



дарды бакчага кабыл алуу процессинде мыйзам бузуулар орун алган. Ошондой эле мектепке чейинки билим берүү системасында ачык-айкындуулук жок болчу. Өзгөчө мындай көйгөйдү калктын аярлуу катмарлары башынан өткөрүштү.

Жумушсуздук деңгээли өтө жогору болгондуктан жаш үй-бүлөлөр убактылуу жумуштарда иштөөгө мажбур болчу. Ал эми такыр эле жумуш чыкпай калса, ата-энелеринин пенсиясы менен күн көрүшчү. Үч баланын энеси Рано МАМАРАИМОВА жергиликтүү жогорку окуу жайлардын биринде сырттан окуйт. Бирок жумушка чыгууга мүмкүнчүлүгү жок болгон, себеби төрт жаштагы кичүү баласын бакчага орноштура албай келген. "Балдарын бакчага киргизе албаган жана бала бакчага кабыл алуу процесси тууралуу толук маалыматка ээ болбогон бизге окшогон жаш үй-бүлөлөр Масы айылында өтө көп, – дейт Рано. – Көп жылдардан бери бала бакчага кабыл алууда ачык-айкындуулуктун жоктугунан улам калк арасында нааразычылык да күчөп келди. Бирок ЖДКЖ келип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү калк менен тыгыз иштеше баштагандан бери көп үй-бүлөлөр ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнөн маалымат алышты. Биз долбоордун жардамы менен №4 "Алтын-Бешик" балдар мекемесинин имаратын калыбына келтирүү боюнча иштер жасалып жатканын билдик. Натыйжада мектепке чейинки курактагы балдар үчүн 170 орун, ошондой эле жергиликтүү тургундар үчүн 15 жумушчу орун түзүлдү. Бул кабар бизди абдан кубандырды. Бирок каалоочулардын баарына орун берүү процесси ачык өтөт дегенден шектенип турдук. Бала бакчага кириш үчүн тааныш керек деп ойлогонбуз. Бирок бала бакчанын администрациясына барганда абдан таң калдык. Биринчиден, №4 "Алтын-Бешик" балдар мекемеси тууралуу болгон маалыматты имараттын кире беришиндеги такталардан окуй алдык. Экинчиден, бакчанын башчысы бизди абдан жакшы тосуп алып, балдарды бакчага кабыл алуу процесси кантип өткөрүлө турганын түшүндүрүп берди. Балдарыбызды электрондук кезек менен кабыл ала турганын, өзүбүз да муну сайт аркылуу текшерип тура алаарыбызды биринчи жолу уктук. Ошондой эле бул системанын ачык айкын болгону үчүн бардык балдарда заманбап, ыңгайлуу шарттар түзүлгөн бала бакчага баруу мүмкүнчүлүгү пайда болгонун угуп кубандык. Балдары электрондук кезек системасына киргизилген көпчүлүк ата-энелер бакчанын сайтынын дарегин алышты. Алар үйүндө отуруп эле сайттан өз кезегин текшере алышат. Бала бакчанын сайтында электрондук кезектен тышкары соңку жаңылыктарды жана бакчада өткөрүлгөн иш-чараларды да көрүп турабыз. Ошондой эле майрамдык иш-чаралар маалында тартылган сүрөттөрдү да жайгаштырып турушат. Мына ушул маалыматтын баары бизге жеткиликтүү болгону бизди абдан кубандырды жана наристелердин бала бакчага баруу маселесин чечип берүү процессине тартылгандардын баарына терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз".

2017-жылдын ноябрынан бери менин төрт жаштагы уулум Сайдакбар МАМАРАИМОВ бала бакчага бара баштады. Атүгүл өзүм да ошол бакчага тарбиячынын жардамчысы катары ишке орноштум. Балдарды бакчага кабыл алуу процесси баары үчүн ачык жана айкын иштейт деп ишенимдүү айта алам. Ата-энелердин материалдык абалына жана социалдык статусуна карабастан балдарга сапаттуу мектепке чейинки билим алуу үчүн шарттарды түзүп берүү калктын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата ишеним деңгээлин көтөрдү", – деп айтты.

"Масы айылында мектепке чейинки билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу боюнча иш-аракеттер планын" ишке ашыруу үчүн ЖДКЖ Долбоору грант катары 4,35 миллион сом бөлүп берди. Масы айыл өкмөтү өз салымы катары 2,133 миллион сом берди. Ошентип долбоордун жалпы бюджети дээрлик 6,5 миллион сомду түздү.

Бул иш-аракеттер планын иштеп чыгуу үчүн Масы АӨнүн башчысынын буйругу менен жумушчу топ түзүлдү. №4 "Алтын-Бешик" бала бакчасында кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн Иш-аракеттер планын ишке ашыруунун алкагында "Б" жана "В" блокторунун имараттары оңдолду, эски жыгач терезелер жана эшиктер пластиктерге алмаштырылды, сантехникалык түйүндөр жаңыланды, жаңы жуунуучу жайлар даярдалып, ванна жана суу жылыткычтар орнотулду, 170 бала үчүн жабдуулар жана эмеректер сатып алынды.



# Тогуз-Торо районунун Тогуз-Торо айылдык аймагы

Эми №12 Ы.КАДЫРКУЛОВ атындагы мектептин өзүнчө ашканасы бар, ал жерде окуучуларга дайыма ысык тамак берилип турат. 2018-жылдын 25-октябрында Тогуз-Торо районунун Тогуз-Торо айылдык аймагынын Кош-Булак айылында мектептин ашканасынын салтанаттуу ачылыш аземи өттү. Ашкананын курулушу ЖДКЖ Долбоорунун колдоосу алдында жүзөгө ашырылды. Курулуш иштери жыйынтыкталгандан кийин 50 орундуу ашкана





жаңы жабдуулар, эмеректер, суу жана электр энергиясы менен жабдууланып, ошондой эле канализациялык система өткөрүлдү.

Натыйжада кенже класстардын 40 окуучусу дүйшөмбүдөн жумага чейин күнүнө эки жолу ысык тамак ичип турат. Андан тышкары жогорку класстын 60 окуучусу жана 22 педагог да бул ашканадан тамак ичип турушат. Өз кезегинде ата-энелер да эми балдарыбыз ачка калат деп санаага батпай калышты. Өзгөчө алар балдары мектепке көңүлдүү барып калганын белгилеп жатышат. М



# Аксы районунун Жаңы-Жол айылдык аймагы

Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Жаңы-Жол айылдык аймагы Таш-Көмүр жана Кербен шаарларын бириктирген жолдун боюнда жайгашкан. СССР кулагандан кийин бул айылдык аймакта түнкүсүн көчөлөрдү жарыктандыруу боюнча иштер токтоп калган. Бул маселе айыл тургундарынын чогулуштарында бир нече жолу көтөрүлгөн.

ЖДКЖ Долбоору кеңейтилген чогулуштарды өткөрүүгө жардам берди. Алардын жүрүшүндө түнкүсүн көчөлөрдү жарыктандыруу маселеси үчүн айылдын көпчүлүк тургундары добуш беришкен. Элдин негизги талабы жок дегенде борбордук көчөлөрдө жарык өткөрүү болгон. Себеби бул көчөлөрдө мектептер, соода түйүндөрү, чакан ишканалар, спорт залдары, милициянын участкалык бөлүмү жана мечит орун алган. Жаңы-Жол айылдык аймагында түнкүсүн жарык өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу боюнча иш-аракеттер планы (КЖАП) даярдалган. КЖАПка мониторинг жана баалоо жүргүзүү максатында мониторинг жана баалоо боюнча биргелешкен топ түзүлгөн. Топтун төрайымы болуп жергиликтүү калктын сунушу менен айылдын лидери жана “Жаңы-Жол ууздары” коомдук уюмунун жетекчиси Эркинай НАЗАРАЛИЕВА тандалган. КЖАП “Жергиликтүү



деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" Долбоорунун гранттар конкурсунун жеңүүчүсү болуп тандалган.

Жумушчу топтун, мониторинг жана баалоо боюнча топтун биргелешкен аракеттери менен Жаңы-Жол айылдык аймактарынын Жаңы-Жол жана Таштак айылдарынын борбордук көчөлөрүндө 5 км аралыкта түнкү жарык өткөрүлдү. КЖАПтын ийгиликтүү жыйынтыкталышы калктын негизги талаптарын гана канааттандырбастан, ошону менен бирге эки айылдагы олуттуу оң өзгөрүүлөрдүн себепчиси да болду. Кызмат көрсөтүү коомдук тартипти сактоого, чакан бизнести өнүктүрүүгө, ошондой эле жергиликтүү калктын турмуш сапатын жогорулатууга көмөктөштү.

Бул ийгилик тууралуу Эркинай НАЗАРАЛИЕВА өзү буларды айтып берди: "Түнкүсүн жарк бергенге чейин биздин ишкана кеч кирээр замат ишин токтотчу, эч ким караңгы киргенден кийин жумушта калгысы келчү эмес. Себеби биздин тигүүчү цехте негизинен кыз-келиндер иштейт. Алар үчүн кечкисин караңгы көчөлөрдөн басып өтүү коркунуч жаратчу. Биздин айыл чоң көчөнүн боюнда жайгашкан. Ошондуктан жолдордо кырсыктар да көп болчу, арак ичип алып мас болуп жүргөндөр да бар эле, кечкисин тартип бузуулар да орун алчу. Эми болсо кечкисин да иштөөгө жол ачкан шарттар түзүлдү. Биз жумуштан кайтып келатканда мурдагыдай коркпой калдык, кээде узакка чейин деле иштей беребиз. Биздин жаныбызда милициянын бөлүмү да бар, алар үчүн түнкүсүн тартипке көз салып туруу үчүн жакшы шарттар түзүлгөн. Биз ошондой эле ушул кызмат көрсөтүүнү жакшыртуунун натыйжасында ишканабыздын кирешеси бир кыйла көбөйгөнүн кошумчалай алабыз. Эгерде 2017-жылы чыгашаларды алып салганда таза кирешебиз 60 миң сомду түзсө, бул жылы 9 айдын ичинде эле кирешебиз 90 миң сомду түздү. Биз ЖДКЖ Долбоорунун колдоосу алдында көп нерсеге үйрөндүк. Мындан ары да айылыбыздын маселелерин чечүү үчүн алынган тажрыйбаны жана билимди колдонуу үчүн бардык күч-аракеттерди жумшайбыз".

Жаңы-Жол айылдык аймагынын жашоочулары Эркинай НАЗАРАЛИЕВАнын эмгегине баа беришип, аны Жаңы-Жол айылдык аймагынын атындагы грамота менен сыйлоону сунушташты.

2018-жылдын 16-августунда Жаңы-Жол айылдык аймагынын Таштак жана Жаңы-Жол айылдарын жарыктандыруу боюнча кызмат көрсөтүүнүн ачылышы өттү. Аксы районунун Жаңы-Жол айылдык аймагындагы эки айылдын борбордук көчөлөрүнө чырактар орнотулду. Таштак айылындагы тышкы жарык берүүчү линиялардын узундугу 3 км, Жаңы-Жол айылында 2 км болду.

КЖАПтын жалпы суммасы 1,6 миллион сомду түздү. Анын ичинде гранттын суммасы 1,4 миллион сом, муниципалитеттин салымы 200 миң сом болду. Кызмат көрсөтүүнү жакшыртуунун натыйжасында эки айылдын 2500 тургуну жана айылдын борборунда жайгашкан соода түйүндөрү, чакан бизнес ээлери, ошондой эле 397 окуучу жана 75 мугалим үчүн жагымдуу шарттар түзүлдү. Мындан тышкары көчөлөрдө жарык пайда болгондон бери айылдагы кылмыштуулуктун саны да кыскарды. M





# Токтогул шаардык мэриясына караштуу “Көрктөндүрүү” муниципалдык ишканасы

**Гульнара САЯКБАЕВА,** ЖДКЖ Долбоорунун эксперти

Токтогул шаарынын кызмат көрсөтүүлөрдүн муниципалдык системасында олуттуу өзгөрүүлөр болуп жатат. Бул өзгөрүүлөр калкка кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн, эффективдүүлүгүн жана сапатын камсыз кылууга багытталган. Бул системада Токтогул шаардык мэриясы, муниципалдык ишканананын кызматкерлери жана жергиликтүү калк ортосунда диалогду уюштурмайынча көрктөндүрүү жана катуу тиричилик калдыктарын чыгаруу ишин уюштуруу да мүмкүн эмес деген түшүнүк калыптанган. Шаардын коомчулугу кызмат көрсөтүүлөрдүн мазмунун аныктоого катышууга, өндүрүш процессине да, анын жыйынтыктарына да жогорку талаптарды коюуга укуктуу. Ошентип, көрктөндүрүү жана таштандыны чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн өнүктүрүүдө коомчулуктун катышуу зарылчылыгы кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына коюлган талаптар менен аныкталууда.

Турак жай-коммуналдык чарба (мындан ары – ТКЧ) системасын комплекстүү өркүндөтүү максатында баа бычуу системасы жолго салына баштады. Бул болсо бара-бара керектөөчүлөрдүн жана заказчылардын эсебинен кызмат көрсөтүүлөрдү толук төлөөгө өтүүгө багытталган. Ошону менен бирге турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн акысын өзгөртүү калкты социалдык жактан коргоо боюнча чаралардын системасына, баа саясатын оптималдаштыруу боюнча чараларды жүзөгө ашырууга жана алардын экономикалык негиздүүлүгүн жогорулатууга байланыштуу болушу керек.

Акыркы учурларда Токтогул шаарында өзгөчө кыш мезгилинде шаардын аймагында тазалыкты камсыз кылуу өтө көйгөйлүү маселе болуп келди. Өлкөнүн бардык айыл өкмөттөрүндөй эле катуу тирчилик калдыктарын чыгаруу жана шаардын көчөлөрүн күтүү иштерин Токтогул шаардык мэриясынын ТКЧ бөлүмү жасап келген.

Жергиликтүү бюджеттен жыл сайын бөлүнгөн каржылоо жогоруда аталган жумуштарды толук өлчөмдө аткарууга жол бербей келген, жалпы шаардык аймактын 60% гана бул иштер жасалган.

Көрктөндүрүү чөйрөсүндөгү коммуналдык тармакты өнүктүрүү максатында 2017-жылдын январынан тарта Токтогул ш. мэриясы ЖДКЖ Долбоору менен биргелешип коммуналдык чөйрөнү кайра уюштуруу тууралуу чечим кабыл алган. Бул үчүн Токтогул шаардык мэриясына караштуу “Көрктөндүрүү” муниципалдык ишканасын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык түзүү тууралуу чечим кабыл алынды. Аталган муниципалдык ишкана катуу тиричилик калдык-

тарын чыгаруу, көрктөндүрүү, жашылдандыруу ж.б. иштери боюнча элге кызмат көрсөтүп келет.

Ишкананы түзүү үч этапка бөлүндү: уюштуруу документтерин иштеп чыгуу; нормативдерди жана жергиликтүү нормативдик материалдарды даярдоо; уюштуруучулук-башкаруучулук системаны түзүү.

"Көрктөндүрүү" муниципалдык ишканасынын ишмердигинин негизги түрлөрү деп төмөнкүлөр белгиленген:

- шаардын аймагын, тротуарларды, сейил бактарды, ирригациялык тармактарды күтүү, санитардык абалына көз салуу, жашылдандыруу жана көрктөндүрүү иштерин жүргүзүү;
- шаарларды жарыктандырууну камсыз кылуу;
- жолчырактардын абалына көз салуу, көрктөндүрүү элементтерин жана жол кыймылынын коопсуздук элементтерин оңдоо;
- санитардык коопсуздукту алдын алуу: жолбун иттерди кармоо, жаныбарлардын өлүктөрүн жыйноо, жок кылуу;
- маданий-массалык иш-чараларды өткөрүү үчүн шарттарды түзүү;
- кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөргө катуу тиричилик жана өндүрүштүк калдыктарын жыйноо жана чыгаруу боюнча кызматтарды көрсөтүү;
- шаардын экологиялык коопсуздугун сактоо;
- ишканага чарба жүргүзүү укугу менен өткөрүлүп берилген негизги каражаттарды күтүү.

Иштин ар бир түрү каржылоонун белгилүү бир булагына бөлүнгөн жана калк менен шаардын аймагынын 100% камтыган.

Ишкананы башкаруунун максаттары, милдеттери жана формалары, анын материалдык-техникалык жабдылышы аныкталгандан кийин экинчи этап башталды – чарба ишин жүзөгө ашыруу үчүн нормативдерди жана жергиликтүү нормативдик материалдарды иштеп чыгуу.

Нормативдерди иштеп чыгуу буга чейинки мезгилдер үчүн иш жүзүндөгү көрсөткүчтөргө, ошондой эле түзүлгөн ишкананын материалдык-техникалык базасына жараша жүргүзүлдү.

Айталы, ишкананы түзгөнгө чейин таштанды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүгө ГАЗ-53, ЮМЗ трактору жана "Мерседес-811" самосвалы тартылып келген. Таштанды полигонуна чейинки аралык 20 км түзгөндүктөн бир айда жогоруда айтылган атайын техника 180 жолу барып-келчү.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө Жобого ылайык, тарифтер тармактык өзгөчөлүгүн эске алуу менен ар бир субъект үчүн өзүнчө аныкталган, экономикалык жактан негизделген чыгымдын жана пайданын өлчөмүнө жараша түзүлөт. Бул жобону колдонмого алуу менен, ошондой эле кызмат көрсөтүүлөрдүн иш жүзүндөгү өздүк наркына жараша тарифтерди аныктоого эсептик материалдар даярдалган.

Бүгүнкү күнгө чейин Токтогул шаарында "Калдыктарды топтоо (түзүү) нормалары" деген түшүнүк колдонулган эмес. Жалпы тарабынан кабыл алынган методологияга ылайык, КТКнын пайда болуу нормативдери мүнөздүү объекттердин ар кандай түрлөрү боюнча жылдын мезгилдери боюнча үзгүлтүксүз, туруктуу натуралык өзгөрүүлөрдүн негизинде аныкталат жана ар бир беш жыл сайын кайра каралып чыгат.

КТК топтоо нормаларын азыркы турмуш шарттарына туура келтирүү үчүн баштапкы маалыматтар катары 2016-жылдын жыйынтыгы боюнча хронометраждык байкоолор кабыл алынды. Бул көрсөткүчтөрдөн улам жылына бир адам пайда кылган калдыктардын нормасы эсептелинди.

Бул жол-жобо зарыл, себеби кызмат көрсөтүүнүн баасы калдыктарды топтоонун нормасына жана кызмат көрсөтүүнүн белгиленген чыгымдарына жараша аныкталат. Белгилей кетүүчү жагдай, кал-



дыктардын чоңдугу өзгөрүлмө, мындан улам калдыктардын пайда болуу нормасын эсептеп чыгаруу үчүн адистешкен каражаттын техникалык параметрлери колдонулат, анда эмгек жана салык мыйзамдарынын ченемдери эсепке алынат. Болгондо да чарба жүргүзүүчү субъекттер үчүн тариф 1 $м^3$ иш жүзүндөгү өздүк баасына жараша белгиленет. Ал эми калк үчүн тариф КТКнын топтолгон нормасынын жылдык көлөмүнө жараша белгиленет.

Калдыктардын пайда болуу нормасынын хронометражы менен катар, административдик, тейлөөчү жана жумушчу персоналдын нормативдик керектөөлөрү да эсептелинди. Кызмат көрсөтүү үчүн керек болгон алардын саны, убактысы, ошондой эле саатына тарифтик ставкасы эсептелинди. Мындан тышкары материалдык ресурстарды, жеке коргонуу каражаттарын колдонуу нормалары иштелип чыкты, Сыйакы берүү жана жумуш убактысын, шаймандарды натыйжасыз пайдаланганы үчүн сыйакыдан ажыратуу боюнча Жоболор даярдалды. Өзүн өзү актоо принциптеринин бири болуп эмгек акыны баалоо эсептелинет. Башкача айтканда, ишкананын кызматкерлеринин эмгеги үчүн ай сайын акы жумуштардын иш жүзүндө аткарылган көлөмүнө жана кызмат көрсөтүү үчүн түшкөн акчага жараша төлөнөт. Мындан улам ишканада “Сметалык каржылоо” усулу жоюлду. Бул болсо өз кезегинде сапаттуу жана өз убагында кызмат көрсөтүүгө мотивация болуп калды. Ошондой эле кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн жана тейлөө зонасынын кеңейишине алып келди.

Талап кылынган эсептөөлөрдү жана нормативдик документтерди даярдагандан кийин гана 2017-жылдын июль айында муниципалдык ишкана юридикалык статуска ээ болду. Андан кийин ишкананын жетекчилиги үчүнчү этапка – өндүрүш процессин уюштурууга жана башкарууга өттү.

Үчүнчү этаптын баштапкы баскычында ишкана көптөгөн көйгөйлөргө туш болду. Мисалы, кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөр жана жергиликтүү кеңеш ишенбегендиктен каржылоо жетиштүү болгон жок. Буга байланыштуу каржылоонун сметалык принциби жоюлуп, ишкананын кызматкерлери алгачкы эки ай болбогон акчага эле иштешти. Ишкананын башкаруу аппаратынын кызматкерлери жергиликтүү калк менен жигердүү иш алып барып, кызмат көрсөтүү жана ал үчүн өз убагында акы төлөөнүн зарылчылыгы тууралуу маалымат берип жатышты.

Ишкананы түзгөн учурда анын материалдык жабдуулары төмөнкүдөй болду:

| Аталышы | Саны, даана | Колдонууга берилген жылы | Баланстык/ калдык баасы, сом менен |
|---|---|---|---|
| ЮМЗ трактору, арабасы менен | 1 | 1985 | 273038 |
| ЮМЗ экскаватор | 1 | 1985 | 526750 |
| Борттук ГАЗ-53 | 1 | 2006 | 730712 |
| ГАЗ-53 самосвалы | 1 | 2015 | 1574420 |
| “Мерседес 811” самосвалы | 1 | 1996 | 840000 |
| САК Т-28 (ширетүүчү аппарат) | 1 | 1989 | 53500 |
| Таптагыч (бенз) | 1 | 2016 | 53200 |
| “Тойота” | 1 | 1999 | 300000 |
| Асфальт кескич | 1 | 2016 | 85000 |
| Уруп түшүрмө балка | 1 | 2016 | 22500 |
| Битумкайнаткыч | 1 | | 57180 |
| ЗИЛ-суу ташыгычы | 1 | 1979 | 446500 |
| ЗИЛ-автовышка | 1 | 1989 | 379500 |



Чыгашалардын өзүнчө беренесинин негизги каражаттары үчүн ремонттук жана амортизациялык чегерүүлөр эсептелингенин белгилей кетүү зарыл. Бул болсо ишкананын экономикалык туруктуулугунун негизги мүнөздөмөлөрүнүн бири болуп саналат.

Токтогул шаарындагы “Көрктөндүрүү” муниципалдык ишканасында кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү финансы каражаттарын эффективдүү пайдаланууга, максаттуу колдонууга багытталышы үчүн көп

нерсе жасалды. КР Жарандык кодексине ылайык, ишкана коммерциялык уюм болуп, өзүн өзү актаган принциптерде иштейт, мындан улам финансы түшкөнүнө жараша бөлүштүрүлөт.

Ишкана иштеген алты айдын ичинде анын чөнемдик базасы курулуш жана турак жай-коммуналдык чарбадагы ченемдер жана эрежелер менен толукталды, ишкананын директору Бишкекте "Сметалык иш" адистиги боюнча окуудан өттү. Башкача айтканда, ишкананын потенциалы өсүш баскычында турат. Ошондой эле ишкананын өкүлдөрү туруктуу негизде чарба иши боюнча квалификациялык консультацияларды алып турушат.

Ушул эле убакыт ичинде "Көрктөндүрүү" муниципалдык ишканасы таштанды жыйноо үчүн атайын техниканы жана контейнерлерди сатып алды, контейнерлерди орнотуу үчүн аймактар белгиленди, таштандыны сорттоо боюнча эл арасында туруктуу негизде түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп жатат. Ошондой эле ишкананын ишине мониторинг жана баалоо жүргүзүлүп келатат.

Өндүрүштү башкарууда артыкчылыктар туура аныкталгандыктан, ишкана рентабелдүүлүк чегинен өттү. 2017-жылдын жыйынтыгы боюнча ишкананын кызматкерлерине эмгек мыйзамдарына ылайык, толук эмгек акы, сыйакылар жана компенсациялар төлөнүп берилди. Ошондой эле ишкананын салыктык жана башка карыздары жок.



Жогоруда айтылгандардан улам, негизги тыянакты жасагым келет: туура аныкталган артыкчылыктар, кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөөчүлөрүнө маалыматты өз убагында жана толук жеткирүү Токтогул шаарындагы көрктөндүрүү чөйрөсүндөгү коммуналдык тармакты өнүктүрүүнүн негиз салуучу багыты болуп саналат. Бул – Кыргыз Республикасынын булуң-бурчунда жайылтууга татыктуу тажрыйба.

# "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" Долбоору Кыргыз Республикасынын эки аймагында кызмат көрсөтүүлөрдүн эки түрү боюнча тажрыйба алмашуу сапарын ийгиликтүү өткөрдү

## Суу менен жабдуу кызмат көрсөтүүсүн туруктуу жана рентабелдүү кылганды үйрөнөбүз

2018-жылдын күз мезгилинде Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы ЖДКЖ Долбоорунун өнөктөштөрү болгон максаттуу ЖӨБ органдары арасында тажрыйба алмашуу болду. Ага Ош жана Нарын облустарынын максаттуу муниципалитеттери – ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун өнөктөштөрү да катышты. Тажрыйба алмашуу сапарына 78 айыл өкмөтүнүн башчылары жана кызматкерлери, ошондой эле ТСКАКБ жетекчилери катышты.

Катышуучулар Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районундагы Кумбел айылдык аймагынын жана "Кумбел булагы" ТСКАКБнын тажрыйбасы менен таанышып чыгышты. Кумбел айылдык аймагы ЖДКЖ Долбоорунун максаттуу муниципалитети болуп эсептелинет. Бул долбоордун колдоосу менен Кумбелде "Жаңы конуштардын тургундарын таза суу менен камсыз кылуу" кызмат көрсөтүүсүн




жакшыртуу боюнча иш-аракеттер Планы даярдалган. Бул долбоордун алкагында Корумду айылындагы колдонуудагы суу менен жабдуу системасы кеңейтилген. Айыл өкмөтү ЖДКЖ Долбоору жарыялаган гранттык конкурска катышып, өз планын ишке ашыруу үчүн 5 миллион сомдук грант утуп алган. Долбоордун алкагында 5924 метрге суу менен



жабдуу системасы кеңейтилген. Долбоордун жалпы баасы дээрлик 6 миллион сомду түздү.

Кумбел айыл өкмөтүнүн калкты таза суу менен камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу иш-аракеттеринин планынын өзгөчөлүгү бар. Пландын айырмачылыгы – ал инфраструктуралык бөлүктү (суу менен жабдуу системасынын курулушу) гана эмес, ошону менен бирге кызмат көрсөтүүнүн туруктуулугун камсыз кылууну, анын ичинде кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчүнү окутууну да өзүнө камтыды. Башкача айтканда, “Кумбел булагы” ТСКАКБсын ишкананы эффективдүү башкарууга, атайын эсептөө методика боюнча тарифтерди жүйөлүү эсептегенди жана экономикалык туруктуулукту камсыздаганды үйрөттү.

Айыл өкмөтү “Кумбел булагы” ТСКАКБнын кызматкерлери менен биргеликте тарифтерди ЖДКЖ Долбоору сунуштаган методикага ылайык эсептеп чыгышты. Тарифти жаңыча эсептөө усулу менен коомдук угууларда тааныштырышты. Тариф кызуу талкууга алынгандан кийин айылдык аймактын эли аны жактырды. Мурдагы тариф суунун 1 м3 үчүн 15 сомду түзсө, жаңы тариф 1 м3 үчүн 45 сом болду. Ошону менен бирге калк 1 м3 суу үчүн 27 сом гана төлөйт, ал эми 18 сом айырма жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн субсидиянын эсебинен жабылат.

Айылдык аймакта долбоорду ишке ашыруу үчүн биргелешкен мониторинг жана баалоо боюнча топ түзүлгөн. Бул топ аткарылган жумуштардын сапатын, андан соң кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу үчүн туруктуу негизде мониторинг жана баалоо жүргүзүп турду.

Тажрыйба алмашуу маалында айыл өкмөтүнүн, айылдык кеңештин, БМжБ тобунун жана ТСКАКБнын өзүнүн ийгиликтүү кызматташтыгы тууралуу төрт баяндама жасалды. ТСКАКБнын жетекчиси Тимур ТУЛЕЕВге суроолор көп болду. ТСКАКБнын өзүнүн





иши боюнча да, ЖӨБ менен айылдык кеңештин өз ара аракеттенүүсү боюнча да суроолор узатылды. ТСКАКБнын жетекчиси Тимур ТУЛЕЕВ буларды айтты: "Экономикалык жактан жүйөлүү болгон тарифти туура иштеп чыккандыктан, бүгүнкү күндө чыгымга учурабастан иштеп келатабыз. Жаңы тарифтерди колдонуу зарылчылыгын калкка далилдеп берүү эң оор болду. Себеби эсептөөлөрдүн натыйжасында тариф дээрлик эки эсе өстү. Жарандарга мунун кесепетин азайтуу үчүн айылдык кеңештин депутаттары калк үчүн тарифти 18 сом көлөмүндө субсидиялоо тууралуу чечим кабыл алды".

Бектур КУЛЧИНОВ, "Ала-Бука сууканалынын" жетекчиси: "Мен суу менен жабдуу боюнча ишкананы болгону үч айдан бери жетектеп келатам. Ошондуктан бул талкуулар жана маалыматтар мен үчүн өзгөчө пайдалуу болду. "Кумбел булагы" ТСКАКБсы тарифтерди эсептеп чыгып, аларды Монополияга каршы комитети бекитип бергени таасирлентти. Буга чейин тарифтер туура эмес эсептелип келгендиктен жана өз эсептөөлөрүбүздү негиздеп бере албагандыктан тарифти бекитип бербей жатканын түшүндүк. Үйгө кайтып барган соң биз тарифтерди кайрадан эсептеп чыгып, өз ишибизди жаңыча карап чыгабыз".

## Катуу тиричилик калдыктарын жыйноо жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү туруктуу жана рентабелдүү кылганды үйрөнөбүз

Катуу тиричилик калдыктарын жыйноо жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү туруктуу жана рентабелдүү кылганды үйрөнөбүз

Дагы бир тажрыйба алмашуу сапары Жалал-Абад облусунун Токтогул шаарында өттү. Бул окуу сапары Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын максаттуу айылдык аймактары үчүн уюштурулган семинардын алкагында өттү. Көрктөндүрүү жана катуу тиричилик калдыктарын (КТК) чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу жана жеткирүү чөйрөсүндөгү муниципалдык ишкананын тажрыйбасы бул жолку окуунун темасы болуп калды.

Семинарга ЖДКЖ Долбоорунун өкүлдөрү, Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын максаттуу айылдык аймактарынын башчылары, таштанды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө иш жүргүзгөн муниципалдык ишканалардын (МИ) жетекчилери катышты. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Ош жана Нарын облустарынан максаттуу айылдык аймактар конок катары катышты. Семинарга жалпысынан 72 адам катышты.



Семинардын уюштуруучулары тарифтерди иштеп чыгуу маселелери, субсидия боюнча, муниципалдык заказ түшүнүгү, жыйынтыкка багыт алган бюджетти иштеп чыгуу ж.б. тууралуу баяндамаларды сунушташты. "Ыңгайлуу шарт" муниципалдык ишканасынын өкүлдөрү таштанды жыйноо боюнча атайын техниканы иш жүзүндө көрсөтүштү. Бул техника ЖДКЖ Долбоорунун колдоосу менен сатып алынган. Ошондой эле алар бул кызмат көрсөтүүнү уюштурууга карата катышуучулардын көптөгөн суроолоруна жооп беришти. Катышуучулар мыйзамдуу жол менен калкка кызмат көрсөтүүнү




уюштуруп, анын сапатын жана туруктуулугун камсыздай алган МИнин ишине баа беришип, семинар тууралуу өз пикирлерин айта алышты.

Токтосун СУЛАЙМАНКУЛОВ, "Ала-Бука тазалык" МИнин башкы инженери: "Тажрыйба алмашуу боюнча бул семинарда биз муниципалдык ишкананы түзүү жана башкаруу, тарифтерди иштеп чыгуу боюнча өтө көп пайдалуу маалыматтарды алдык. Мага Токтогул шаарынын "Тазалык" муниципалдык ишканасынын иштөө ыкмасы абдан жакты. Ошондой эле мен үчүн субсидиялар жана муниципалдык заказ боюнча сессиялар да абдан пайдалуу болду. Биздин ишкана да калктын аярлуу катмарларына жардам берип келет. Бул семинардын натыйжасында биз да эми айыл өкмөтү менен кызматташтыкта эффективдүү жана мыйзамдардын негизинде субсидияларды бөлүштүрүп, элге зарыл болгон жардамыбызды беребиз деп ишенем".

Болот БОЛГОНБЕКОВ, Токтогул шаарынын мэри: "ЖДКЖ Долбоорунун эксперттери бизге күмөн саноолордон арылып, кызмат көрсөтүүнүн маңызын жана уюштуруу формасын түшүнүүгө жардам беришти. Шаардын алдында бир максат турат – муниципалдык ишкананын материалдык-техникалык базасын жакшыртуу зарыл. Ушул семинардан кийин мен эмнени жана кантип жакшыртуу керектигин түшүндүм! Долбоордун жамааты абдан күчтүү экен, биз биргеликте өтө чоң жана уникалдуу жумуштарды жасадык. Тажрыйба алмашуу – бул долбоордун ишинин өзгөчө бөлүгү! Биз катышуучуларга өз жетишкендиктерибизди жана кемчиликтерибизди гана көрсөтүп бербестен, ошондой эле алардан кеңештерди алып, пайдалуу пикирлерин да уга алдык".

Эльмира ЖУМАБАЕВА, Багыш айыл өкмөтүнүн адиси: "Мен үчүн муниципалдык ишкана 19 сом 36 тыйын көлөмүндө тариф иштеп чыгып, андан соң бул тарифти айылдык кеңештин чечими менен бекитe алаары тууралуу маалымат өтө маанилүү болду. Биздин айыл өкмөттө мындай нерсе жок. Үйгө баргандан кийин тарифтер жана субсидиялар тууралуу калкка баарын туура түшүндүрүп бергенге, ошондой эле кызмат көрсөтүүнү туура уюштурганга болгон күч-аракетимди жумшаймын".

# Теңме – тең

**Айнура ЧАНДЫБАЕВА**
ЖӨБ Союзунун эксперти

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу "Теңме – тең" принциби боюнча практикалоочу жамааттар менен ишти улантууда. Бул иштердин алкагында Кыргыз Республикасынын кырк районунун ар биринде тийиштүү жамааттын лидери бар. Алар – айыл өкмөт башчылары, жергиликтүү кеңештердин төрагалары, жана финансисттер.

2018-жылдын 1-апрелинен 30-июлуна чейинки мезгил аралыгында ЖДКЖ Долбоорунун колдоосу менен ЖӨБ Союзу республиканын ар бир районунда практикалоочу жамааттарда лидер деп тандалып алынган айыл өкмөт башчылары менен бир катар окуу иш-чараларын өткөрдү.

КР ЖӨБ Союзунун кызматкерлери жана консультанттары муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр бөлүгүндө "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" КР Мыйзамын ишке ашырууга карата ЖӨБ органдары арасындагы кырдаалды талдап чыгышты. Бул анализдин жыйынтыгы боюнча көпчүлүк ЖӨБ органдары бул Мыйзамды аткарбаганы, тагыраак айтканда муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жергиликтүү реестринин Кошумча тизмегин, алардын стандарттарын жана административдик регламенттерди иштеп чыкпаганы жана бекитпегени аныкталды.

"WhatsApp" тиркемеси аркылуу жүргүзүлгөн сурамжылоого республика боюнча кыркка жакын муниципалитет тартылды. Көпчүлүк муниципалитеттер "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Мыйзамды ишке ашыруу боюнча окуу тренингдерин өткөрүү өтө маанилүү маселе экенин сурамжылоо аркылуу да, оозеки түрүндө да билдиришти. Айрым айыл өкмөттөрү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрин түзүү боюнча окуу семинарларын өткөрүп берүү өтүнүчү менен ЖӨБ Союзуна түз кайрылганын да белгилей кетиш керек.

Сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча тренерлер үчүн тренингдердин (ТоТ) тематикасы аныкталып, райондук лидерлер – айыл өкмөт башчылары үчүн окуу модулу жана таратма материалдар даярдалды. Өз райондорундагы лидерлер – 40 айыл өкмөт башчы үчүн ТоТ ушул жылдын 18-апрелинде Ош шаарында жана 20-апрелде Бишкекте өттү. Тренингдердин алкагында ЖӨБ Союзунун өкүлү Союз-

дун иши жана пландары, Устав боюнча максаттары жана тапшырмалары тууралуу баяндама жасады. Андан соң консультанттар “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” КР Мыйзамынын негиздери тууралуу, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн Кошумча тизмегин, алардын стандарттарын жана административдик регламенттерин түзүү жана бекитүү боюнча баяндамаларды жасашты. Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө инвентаризациялоо жүргүзүү боюнча, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн Кошумча тизмегинин долбоорун, бул Тизмекке кирген муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарынын долбоорлорун түзүү боюнча Жумушчу комиссиянын Пландарын түзүү боюнча чакан топтордо практикалык иштер жасалды.




Тренингдин алдында толтурулган тесттин жыйынтыгы боюнча, айыл өкмөт башчылары “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” КР Мыйзамынын ченемдерин жакшы билбей турганы, ошондой эле бул мыйзамды ишке ашырууда ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги түшүнүксүз болгону аныкталды. Тренингден кийин практикалоочу жамааттардын лидерлери өз райондорундагы АӨ башчылар үчүн тренингдерди өткөрүштү. 426 айыл өкмөтүнөн райондук тренингдерге катышкандардын жалпы саны 435 адамды түздү. Алардын 36сы аял жана 399у эркектер.

Теория кызыктуу, зериктирбеген формада сунушталып, практика, талкуулар жана таратып берме материалдар менен коштолду. Чакан топтордо өткөн иштер кызыктуу жана жемиштүү болду. Тренерлер катышуучулар менен башка айылдык аймактардын тажрыйбасы менен бөлүштү. Айрым райондордо жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын өкүлдөрү тренингдерди уюштурууга жигердүү жардам берип, атүгүл өздөрү да аларга катышты. ТоТтун, райондук тренингдердин жүрүшүндө КР ЖӨБ органдарынын башчыларынан түрдүү мүнөздөгү суроо-талаптар (жазуу жана оозеки түрүндө) жана сунуштар түштү:

- жергиликтүү маанидеги маселелерди башкаруу жана уюштуруу боюнча КР муниципалитеттери ортосунда тажрыйба алмашуу боюнча сапарлар туруктуу өткөрүлүп турса жакшы болмок;
- мызам чыгаруу актыларын ишке ашыруу боюнча, жергиликтүү бюджетти эффективдүү пайдалануу, бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу ж.б. боюнча методикалык окуу китептерин даярдап, таратыш керек;
- ЖӨБ органдарына көйгөй жаратып жаткан мыйзамдык актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча КР Өкмөт Аппаратына, ЖӨБЭММАга идеяларды жана сунуштарды бериш керек;
- кадр маселелерин, штаттык бирдикти көбөйтүү, кадрларды тандап алуу боюнча маселелерди чечүүгө көмөк көрсөтүлсө жакшы болмок;
- ЖӨБ органдарынын компетенциясына туура келбеген, ар кайсы инстанциялардан түшкөн документтердин жана суроо-талаптардын санын азайтууга көмөк көрсөтүлсө жакшы болмок;
- ЖӨБ органдары менен жергиликтүү бийлик органдарынын жана бийликтин жогорку органдары менен жеринде жолугушуулар уюштурулуп, өткөрүлсө жакшы болмок;
- ЖӨБ органдарына юридикалык жана консультациялык кызматтар көрсөтүлсө жакшы болмок;
- КР ЖӨБ Союзунун сайтында “онлайн юрист” кызмат көрсөтүүсү ачылышы керек;
- текшерүүлөр боюнча колдоо көрсөтүлсө жакшы болмок;
- ЖӨБ жөнүндө Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизип, жергиликтүү маанидеги маселелерге кирбеген маселелердин санын кыскартыш керек;
- мыйзамдарды ЖӨБ органдары үчүн түшүнүктүү жана конкреттүү тилде иштеп чыгып, кабыл алууга көмөк көрсөтүлсө (эки башка маанини берген ченемдерди жоюу ж.б.);
- ЖӨБ органдарына өздөрүнө мүнөздүү болбогон функцияларды аткаруу боюнча жогору жактан тапшырмаларды берүүнү токтотууга көмөк көрсөтүлсө жакшы болмок;
- ЖӨБ органдарын жаңы кабыл алынган мыйзам чыгаруу актылары жана башка усулдук окуу китептери менен камсыздаш керек;
- өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча маселелер чечилиши керек;
- ЖӨБ органдарынын укуктары, ошондой эле ЖӨБ органдарынын мыйзамынын статусун башка башкаруу органдарынын укуктары деңгээлине чейин көтөрүш керек;
- туштүктө ЖӨБ Союзунун өкүлчүлүгүн туруктуу негизде түзүш керек.

М

# Кысым алдында калган жергиликтүү бюджеттер аймактардын өнүгүүсүнө бут тосот

**Назира ТЮЛЮНДИЕВА,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун бюджет аралык мамилелер боюнча адиси

***Айыл өкмөтүнүн жана жалпысынан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун "жакыр болгону", "дотацияда тургансы" жана "эпсиздиги" тууралуу көп эле угабыз. Атүгүл айрымдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу өзүнө жүктөлгөн функцияларды жана милдеттенмелерди аткарууга жөндөмсүз деген себеп менен ЖӨБдүн максатка ылайыктыгынан да күмөн санашууда. Бирок мындай дооматтарды койгондор жергиликтүү өз алдынча башкаруунун чабалдыгы же күчү биринчи кезекте борбордук бийлик региондор менен ыйгарым укуктары жана ресурстары менен бөлүшүүгө канчалык даяр болгонунан көз каранды экенин оозанышпайт. Ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башаруу органдарына канчалык бийлик бербейли, алардын бул бийликти иш жүзүндө пайдалануу мүмкүнчүлүгү ЖӨБдүн карамагында боло турган финансыдан көз каранды экенин түшүнүшү керек. Дал ушул бюджеттик система реалдуу абалды чагылдырат. Кыргыз Республикасында көптөгөн жылдар бою республикалык бюджетте жергиликтүү бюджеттердин үлүшү 10-20 пайыздан ашпай келди. Демек, иш жүзүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары коомдук маанидеги маселелердин 10-20 пайызын гана чече алышат. Эгерде кырдаалды өтө эле жөнөкөйлөштүрсөк, анда биздин маселелердин жана дооматтардын 10-20 пайызын гана жергиликтүү өз алдынча башкарууга, ал эми калганын – борбордук бийликке даректей алабыз. Бул туурабы? Пайдалуубу? Эгерде туура жана пайдалуу болсо, анда Кыргыз Республикасы аймактардын өнүгүүсүнө баш оорутмак эмес, президент аймактарды өнүктүрүү маселелерин артыкчылыктуу катары тандап алмак эмес. 2040-жылга чейин Туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук стратегия аймактарды өнүктүрүү маанилүү жана курч турган артыкчылыктуу маселе экенин кайрадан белигледи. Бирок ушул аймактарга өнүгүү үчүн акча жетип жатабы? Жакынкы келечекте (2019-2021-ж.ж.) КР Өкмөтү киреше салыгынын 100 пайызын жергиликтүү бюджеттерге, ал эми сатуудан алынган салыктын 100% республикалык бюджетке этап-этабы менен өткөрүп бермекчи. Бул чаралар жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин көбөйтүүгө жардам береби? Жергиликтүү жана республикалык бюджеттер ортосунда финансы кантип бөлүштүрүлгөнү бул суроого жоопту, аны менен катар анализди да берет. Анда карап көрбөйлүбү?***

## 22 жылдан бери кысымга алынып келаткан жергиликтүү бюджеттер

**"ҮЙРӨНЧҮКТӨР" ҮЧҮН КОРУТУНДУ. Жергиликтүү бюджеттин кирешелери республикалык бюджеттикине салыштырмалуу 22 жылдан бери кыскарып келатат. Ошол эле маалда ыйгарым укуктар менен милдеттенмелердин саны да барган сайын көбөйүүдө.**

Бюджеттик ресурстарды борборлоштуруунун деңгээлин бюджеттик кирешелерди бюджеттик системанын деңгээли боюнча бөлүштүрүлүшүнө жасалган анализ аркылуу аныктаса болот. Кыргызстанда мамлекеттик бюджетке карата республикалык бюджеттин өлчөмү 2017-жылы 90% түзгөн. Мисал катары алсак, Орусияда федералдык бюджеттин бириктирилген (мамлекеттик) бюджетке карата катышы 49,2%, ал эми Беларуста 62,5% түзөт[1].

2014-жылы Кыргызстанда бул көрсөткүч 88%, Орусияда 55%, ал эми Беларуста 59% түзгөн. Бул болсо биздин өлкөдө республикалык бюджетте топтолгон ресурстардын үлүшү барган сайын көбөйүп жатканын, ал эми жергиликтүү бюджеттердин үлүшүндө аз көлөмдөгү финансы каражаты калып жатканын көрсөтүүдө. 2017-жылы республикалык бюджеттин үлүшү 2014-жылга салыштырмалуу 2 пайыздык пунктка көбөйгөн.

22 жылдын ичинде (1996-2017-ж.ж.) жергиликтүү бюджеттин кирешелери 12,4 эсе өстү (1996-жылы өлкөдө бюджет аралык мамилелерде реформалар жүзөгө аша баштады). Ушул эле мезгил аралыгында республикалык бюджеттин кирешелери 36 эсе көбөйдү. 1996-жылы республикалык бюджет жергиликтүүдөн 2,3 эсе ашса, 2017-жылы 6,7 эсе ашты. ИДПга карата жергиликтүү бюджеттин кирешелери 2017-жылы 3,9%, республикалык бюджеттин

[1] Бул маалымат Евразиялык экономикалык комиссиясынын сайтынан алынды

кирешелери 25,8% түздү. 1996-жылы жергиликтүү бюджеттин кирешелери 6,9%, республикалык бюджеттин кирешелери – ИДПнын 16% түздү.

## Жергиликтүү бюджеттердин экономикалык негизден алыстоосу

**"ҮЙРӨНЧҮКТӨР" ҮЧҮН КОРУТУНДУ. Экономиканын өсүшү менен жергиликтүү бюджеттердин кирешеси да кошо өспөйт. Ошондуктан республикалык бюджеттин өсүш ыргагына жетпей, артта кала берүү көрүнүшү да улана берет. Бул көйгөйдү ЖӨБ органдарынын салыктык кирешесинин түзүмүн өзгөртүү менен чечсе болот.**

1996-жылы (Кыргызстанда бюджет аралык реформаларды жүргүзө баштаганга чейин) салыктар жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин 78% камсыз кылып келген[1]. 1997-жылы салыктардын үлүшү жалпы кирешеден 34 пайызга чейин, б.а., эки эсе азайды. Ал эми 1998-1999-жылдары 41 пайыздан 38% чейин кармалып турду.

Мынчалык кескин төмөндөөнүн бир себеби бар: 1997-жылдан тарта өлкөдө салыктардын бирдиктүү ставкасы колдонула баштаган. Салык базасы түрдүү региондордо бир кыйла айырмалангандыктан, бул жергиликтүү бюджеттердин басымдуу бөлүгүндө салыктык түшүүлөрдүн көлөмүнүн кыскаруусуна алып келген. Мындан улам дотацияда турган жергиликтүү бюджеттердин саны да өскөн. 1996-жылы расмий трансферттер жалпы кирешеге карата 15,2%, 1997-жылы 51,3% түзүп калган.

Аны менен катар 1996-жылдан 2017-жылга чейинки мезгил үчүн республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин салык кирешелеринин өсүш темптеринин динамикасын салыштыруу жергиликтүү бюджеттер үчүн жагымсыз тенденцияны көрсөтөт. 1996-жылы республикалык бюджеттин салыктык түшүүлөрү 1677,1 млн. сомду, ал эми жергиликтүү бюджеттердики 1269,8 млн. сомду түзгөн. Республикалык бюджет жергиликтүү бюджеттерден 1,3 эсе гана ашкан. 2017-жылы республикалык бюджетке 91462,8 млн. сом, ал эми жергиликтүү бюджеттерге 11905,2 млн. сом түшкөн. Ошентип, республикалык бюджеттин жергиликтүү бюджеттерден ашуусу 7,7 эсе болду.

2010-жылдан 2017-жылга чейинки мезгил аралыгында рспубликалык жана жергиликтүү бюджеттердин салыктык кирешелерине жасалган анализ да жагымсыз тенденцияны аныктады (1-диаграмманы караңыз). Республикалык бюджеттин салыктык кирешелеринин өсүш темпине салыштырмалуу жергиликтүү бюджеттердин салыктык кирешелери дээрлик өспөй жатат. Анча-мынча өсүш 2014-2015-жылдары байкалган. Андан кийинки эки жыл ичинде жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин жалпы көлөмүндө кайрадан төмөндөө байкалды. Себеби республикалык бюджеттин кирешелери туруктуу темп менен өсүп жатат. 2017-жылы жергиликтүү бюджеттердин жалпы кирешелеринде салыктык түшүүлөрдүн үлүшү 58,8% түздү.

Республикалык бюджетке салыштырмалуу жергиликтүү бюджеттердин өсүш темптеринде артта калуунун бирден бир себеби бар: биринчи кезекте жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин өсүшү менен экономиканын өсүшү ортосунда өз ара байланыш жок. Бюджеттик кирешелердин экономикалык негиз менен өз ара байланышта болушу алардын маанилүү мүнөздөмөсү болуп саналат. Айрым авторлор ЖӨБдүн кирешелеринин өсүшү жергиликтүү экономикалык өсүшкө пропорционалдуу түрдө өсүп турушу керек дешет[2]. Экинчи жагынан, жергиликтүү бийликтердин кирешелеринде экономикалык циклден көз каранды болбогон жана кыска мөөнөттүү планда кирешелерде кандайдыр бир туруктуулукту камсыздай алган ресурстар болушу керек.

Белгилүү болгондой, аймактардын бюджеттерине жергиликтүү салыктардан тышкары жөнгө салынган салыктардын алты түрү түшүп турат. Алар: бирдиктүү салык, ыктыярдуу жана милдеттүү патент, сатуудан алынган салык, киреше салыгы жана жер казынасына салык. Жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин КРдагы экономикалык өнүгүүдөн жана баалардын өсүшүнөн көз карандуулугу 2010-2017-жылдары киреше салыгынын өсүшүндө байкалды (1-таблицаны караңыз).

***1-таблица. 2010-2017-жылдары жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин өсүш темпи.***

| | 2010г. | 2017г. | Өсүш темпи 2017-2010гг., % |
|---|---|---|---|
| Киреше салыгы, млн. сом менен | 1314,7 | 4587,124 | 350 |
| Патенттер, млн. сом | 1233,3 | 2326,6 | 188,6 |
| Сатуудан алынган салык, млн. сом | 1849,5 | 2016,9 | 109 |
| Мүлк салыгы, млн. сом | 865,2 | 1572,9 | 181,7 |
| Жер салыгы, млн. сом | 798,8 | 1052,18 | 131,8 |
| Бирдиктүү салык, млн. сом | 130,9 | 202,4 | 154,6 |
| Кошумча нарк салыгы, млн. сом (салыштыруу үчүн) | 14602 | 45131 | 309,1 |
| Инфляция | | | 163,7 |
| Азыркы баалардагы ИДП | | | 236,4 |

Мүлк салыгынын (181,7%) жана патенттердин негизиндеги салыктардын (188,6%) өсүш темптери инфляциянын өсүш темптеринен ашууда. Бирок ИДПнын өсүш темпинен бир кыйла артта калууда (236,4%). Экинчи жагынан, жергиликтүү бюджеттердин салыктарынын курамында анализ жасалган мезгилде жыйымы экономиканын өсүшү менен өз ара байланышты көрсөтө албаган же салык базасы кыскарган (азайган) салыктар басымдуулук кылат. Айталы, эсептешүүнүн накталай эмес формасын колдонгон ишкерлер жана

[1] 1997-жылга чейин Кыргызстанда жергиликтүү бюджеттер үчүн салыктардын дифференцияланган ставкалары колдонулуп келген

[2] Мамлекеттик финансы. Өнүгүүнүн өткөөл этабында Борбордук-европалык өлкөлөрдүн теориясы жана практикасы [Текст]: окуу китеби / Г. Райт, Ю. Немецтин ред. алдында; [которгон: Синельщиков Е.; "Сорос-Кыргызстан" фонду].- Б., 1999. – 406-б.

экспортчулар үчүн салыкты төлөө жоюлгандыктан анализ жасалган мезгилде сатуудан түшкөн салыкты жыйноо бир аз көбөйгөн. 2010-2017-жылдары жер салыгынын көлөмү 31,8% өскөн. Бул биринчи кезекте айыл чарба багытында болбогон жерлерди колдонуу үчүн жер салыгынын базасы өскөнүнө байланыштуу болду.

Жергиликтүү бюджеттердин ресурстары чектелүү болгондуктан, экономиканын өсүшүнө жана жергиликтүү деңгээлде салык базасынын туруктуулугуна жараша кирешелердин өсүш тенденцияларынын катышы да өзгөчө актуалдуу болуп турат. Жыл ичинде жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин жана салык базасынын туруктуулугу жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдүн стабилдүүлүгүн кепилдөө үчүн зарыл. Бирок ушул тапта жергиликтүү бюджеттердин структурасында стабилдүү кирешелердин үлүшү басымдуулук кылат. Ал болсо калктын турмуш деңгээлинин жана сапатынын сакталышын камсыздабайт. Мындан улам экономиканын өсүшүнө көз каранды болгон салыктардын үлүшү көбөйтүлүшү керек. Себеби жергиликтүү бюджеттердин салыктарынын өсүшү жетишсиз болсо, узак мөөнөттүү мезгил ичинде жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүнө тоскоолдуктар жаралат.

## Салыктык кирешелерди аймактар боюнча бөлүштүрүүнүн кылкасыздыгы

**“ҮЙРӨНЧҮКТӨР” ҮЧҮН КОРУТУНДУ. Дотациядагы айылдык аймактар калктын жан башына эсептей келгенде, дотацияда турбаган аймактарга салыштырмалуу 3,6 эсе аз, Бишкек шаарына салыштырмалуу 7,7 эсе аз киреше алат. Ал эми республикалык бюджеттен келген жардам бул айырманы теңдей албай, аймактардын басымдуу бөлүгүндө өнүгүүдө чоң айырманы пайда кылууда. Салыктар боюнча чегерүүлөрдүн нормативдеринин бирдей болушу Кыргыз Республикасы үчүн туура келбейт. Себеби Кыргызстанда атүгүл кошуна айылдар арасында да кирешелерде айырма бар.**




***1-диаграмма. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин салыктык кирешелеринин динамикасы, млрд. сом менен***

Дотацияда турган ЖӨБ органдарынын саны айылдык аймактардын арасында өзгөчө көп болгонун (айылдык аймактардын жалпы санынан 83%), ал эми дотацияда турган шаарлар райондук маанидеги шаарлар тобунда гана катталганын (мындай эки шаар бар) эсепке алуу менен, биз жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин (трансферттерсиз) жергиликтүү бюджеттердин топтору боюнча бөлүштүрүлгөнүнө анализ жасап чыктык.

Жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин 50 пайызын Бишкек жана Ош шаарларынын кирешелери түзөөрүн анализ көрсөттү (2-таблицаны караңыз). Бирок бул жактагы калктын үлүшү 20% ээлейт. Аны менен катар кирешелердин чоң бөлүгү (44,6%) Бишкек шаарынын бюджетине түшөт. Ал эми Бишкекте жашаган элдин саны өлкө калкынын жалпы санынан 16% түзөт.

Калктын жан башына эсептей келенде, кирешелердин жергиликтүү бюджеттер боюнча орточо көрсөткүчү бир кишиге 2409,7 сомду түзөт. Бишкек шаарында калктын жан башына киреше эсептегенде бир кишиге 6658,9 сомду түзөт. Бул болсо, республика боюнча орточо көрсөткүчтөн 2,8 эсе көп дегенди билдирет.

Калктын жан башына эсептегенде, кирешелер боюнча экинчи орунду дотацияда турбаган айылдык аймактар ээлейт. Алар өлкө боюнча орточо көрсөткүчтөн 1,3 эсе көп киреше алышат – киши башына 3172 сом.

***2-таблица. ЖӨБ органдарынын топтору боюнча кирешелер, млн. сом менен***

| | Баары | Бишкек ш. | Ош ш. | Облустук маанидеги шаарлар | Райондук маанидеги шаарлар | Айылдык аймактар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | дотацияда турбаган | дотациялык |
| Кирешелер, млн. сом | 14796 | 6525,8 | 886,7 | 1457,1 | 973,8 | 2087,2 | 2865,4 |
| Салыштырма салмак,% | 100 | 44,1 | 6,0 | 9,8 | 6,6 | 14,1 | 19,4 |
| Калктын жан башына кирешеси, сом/адам | 2409,8 | 6658,9 | 3145,4 | 2602,9 | 2811,2 | 3172,5 | 864,6 |
| Калктын саны, миң. | 6140 | 980 | 281,9 | 559,8 | 346,4 | 657,9 | 3314 |

***3-таблица. ЖӨБ органдарынын топтору боюнча салыктык кирешелер, млн.сом***

| | Баары | Бишкек ш. | Ош ш. | Облустук маанидеги шаарлар | Райондук маанидеги шаарлар | Айылдык аймактар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | дотацияда турбаган | дотациялык |
| Салыктар, млн. сом | 11905,2 | 5727 | 766 | 1152 | 842,2 | 1673 | 1745 |
| Топтун салыштырма салмагы, % | 100 | 48,1 | 6,4 | 9,7 | 7,1 | 14,0 | 14,7 |
| Калктын жан башына салыктар, сом/адам | 1938,9 | 5843,9 | 2717,3 | 2057,9 | 2431,3 | 2542,9 | 526,6 |
| Калктын саны, миң | 6140 | 980 | 281,9 | 559,8 | 346,4 | 657,9 | 3314 |

Бирок Бишкектен эки эсе артта калууда. Алардан Ош шаары бир аз артта – киши башына 3145,4 сом.

Райондук маанидеги шаарлар киши башына 2811,2 сом алышат. Бул да орточо көрсөткүчтөн 1,17 эсе жогору. Облустук маанидеги шаарларда киши башына 2602,9 сом болду, бул болсо республика боюнча орточо көрсөткүчтөн 8% ашат. Бирок дотацияда турбаган айылдык аймактардан 1,2 эсе артта калууда. Мындан улам облустук маанидеги шаарларда салык потенциалы чабал деген тыянак чыгарсак болот.

Дотациядагы айылдык аймактар өлкө боюнча кирешелердин орточо маанисинен 36% гана алышат, муну менен өлкө боюнча орточо маанисинен 2,8 эсе артта калууда. Дотациялык айылдык аймактардагы калктын саны өлкө калкынын жарымынан көбүн түзөт (54%). Маалымат үчүн: өлкө калкынын жарымынан көбү жашаган дотациялык айылдык аймактарда теңдештирүүчү трансферттерди эсепке алганда, киреше киши башына 1413 сомду түзөт. Бул болсо өлкө боюнча орточо көрсөткүчкө салыштырмалуу 1,7 эсе аз дегенди билдирет.

Салыктык кирешелер орточо өлкө боюнча жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин 80 пайызга жакынын камсыз кылат. Айылдык аймактарда салыктар жергиликтүү бюджеттердин жыйынды кирешесинен болгону 60 пайызын гана камсыз кылат.

Калктын жан башына эсептегенде, жергиликтүү бюджеттер боюнча салыктык кирешелердин орточо көрсөткүчү киши башына 1938,9 сомду түзөт (2-таблицаны караңыз). Салыктардын бир топ бөлүгү (48,1%) да Бишкек шаарынын бюджетине түшөт. Жергиликтүү бюджеттерге түшкөн бардык салык тардан 6,4% Ош шаарынын бюджетине түшөт.

Бишкек шаарында калктын жан башына эсептегенде, кирешелер бир адамга 5843,9 сомду түзөт. Бул болсо республика боюнча орточо көрсөткүчтөн 3 эсе көп. Кирешелер боюнча экинчи орунду Ош шаары ээлейт (бир кишиге 2717,3 сом). Бул да орточо көрсөткүчтөн 1,4 эсе көп дегенди билдирет. Дотацияда турбаган айылдык аймактарда калктын жан башына эсептегенде салыктык кирешелер өлкө боюнча орточо деңгээлден 1,3 эсе жогору – бир адамга 2542,9 сом. Райондук маанидеги шаарларда бир адамга 2431 сом болсо, облустук маанидеги шаарларда бир адамга 2058 сом туура келет. Бул болсо республика боюнча орточо көрсөтүчтөн бир аз жогору – райондук маанидеги шаарларда 25,4%, облустук маанидеги шаарларда – 6,1%. Дотациялык айылдык аймактар өлкө боюнча орточо көрсөткүчтөн 27% гана алышат, муну менен орточо көрсөткүчтөн 3,7 эсе артта калууда.

## Киреше салыгы жана патенттерден салык Бишкекте калууда

**“ҮЙРӨНЧҮКТӨР” ҮЧҮН КОРУТУНДУ. Пландалып жаткандай, киреше салыгы боюнча чегерүүлөрдүн үлүшүн жогорулатуу айылдык аймактар үчүн эмес, шаарлар үчүн кирешелүү болот. Киреше салыгы жергиликтүү бюджеттер боюнча салыктык түшүүлөрдүн үчтөн бирин камсыз кылат. Аны менен катар киреше салыгынын көп бөлүгү Бишкектин аймагында чогулууда. Жергиликтүү бюджеттерге түшкөн киреше салыгынын жалпы көлөмүнөн 46,3%.**

Калктын жан башына эсептегенде, киреше салыгынын жергиликтүү бюджеттер боюнча орточо көрсөткүчү бир адамга 747 сомду түзөт. Бишкек шаарында калктын жан башына киреше салыгы бир адамга 2166 сомду түзөт. Бул болсо республика боюнча орточо көрсөткүчтөн 2,9 эсе көп.

Киреше салыгы боюнча экинчи орунду дотацияда болбогон айылдык аймактар ээлейт – бир адамга 1056 сом туура келет. Бул болсо орточо маанисинен 1,4 эсе жогору. Райондук маанидеги шаарлар калктын жан башына киреше салыгын өлкө боюнча орточо көрсөткүчтөн 1,39 эсе көп алышат – бир адамга 1039 сом туура келет. Кирешелер боюнча кийинки орунда Ош шаары турат (бир адамга 982 сом туура келет).

Облустук маанидеги шаарларда бир адамга 888 сом туура келет жана бул да республика боюнча орточо мааниден 18,8% ашат. Дотациялык айылдык аймактар өлкө боюнча кирешелердин орточо көрсөткүчүнөн болгону 25,7% гана алышат, муну менен өлкө боюнча орточо маанисинен 3,9 эсе артта калууда.

Киреше салыгы боюнча чегерүүлөрдүн нормативдерин 100% чейин көтөрүү шаарлардын жана дотацияда турбаган айылдык аймактардын жергиликтүү бюджеттеринин абалына оң таасирин тийгизет. Бул бюджеттер салык төлөөчүлөрдүн бир бөлүгү үчүн сатуудан алынган салык жокко чыгарылгандын натыйжасында куру калган бюджеттик кирешенин ордун толуктоо үчүн 2017-жылы республикалык бюджеттен максаттуу трансферттерди алып турушчу. Дотациялык айылдык аймактарда киреше салыгы боюнча нормативдердин көбөйүшү жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин көлөмүнө олуттуу деле таасирин тийгизбейт.

Патенттин негизинде салыктык түшүүлөр жергиликтүү бюджеттердин жыйынды кирешесинен болгону 15% гана камсыз кылат (5-таблицаны караңыз). Жергиликтүү бюджеттерге түшкөн патент-

***4-таблица. ЖӨБ органдарынын топтору боюнча киреше салыгы, млн. сом менен***

| | Баары | Бишкек ш. | Ош ш. | Облустук маанидеги шаарлар | Райондук маанидеги шаарлар | Айылдык аймактар: дотацияда турбаган | Айылдык аймактар: дотациялык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Киреше салыгы, млн. сом менен. | 4587,1 | 2123,0 | 277,0 | 497,0 | 360,0 | 695,0 | 635,1 |
| Топтун үлүшү, % | 100 | 46,3 | 6,1 | 10,8 | 7,9 | 15,1 | 13,8 |
| Калктын жан башына киреше салыгы, сом/адам | 747 | 2166 | 982 | 888 | 1039 | 1056 | 192 |
| Калктын саны, миң | 6140 | 980 | 281,9 | 559,8 | 346,4 | 657,9 | 3314 |

*5-таблица. ЖӨБ органдарынын топтору боюнча патенттин негизинде салык, млн. сом.*

| | Баары | Бишкек ш. | Ош ш. | Облустук маанидеги шаарлар | Райондук маанидеги шаарлар | Айылдык аймактар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | дотацияда турбаган | дотациялык |
| Патенттин негизинде салык, млн. сом | 2326,6 | 1343,7 | 174,7 | 209,4 | 153,0 | 242,8 | 203,0 |
| Салыштырма салмак, % | 100 | 57,8 | 7,5 | 9,0 | 6,6 | 10,4 | 8,7 |
| Калктын жан башына патенттин негизинде салык, сом/адам | 379 | 1371 | 619 | 374 | 441 | 369 | 61,2 |
| Калктын саны, миң. | 6140 | 980 | 281,9 | 559,8 | 346,4 | 657,9 | 3314 |
| Жалпы кирешелердеги үлүшү, % | 15,7 | 20,6 | 19,7 | 14,4 | 15,7 | 11,6 | 7,1 |
| Кирешелер, млн. сом | 14796 | 6525,8 | 886,7 | 1457,1 | 973,8 | 2087,2 | 2865,4 |

тин негизинде салыктардын басымдуу бөлүгү (57,8%) Бишкекте чогулууда. Калктын жан башына эсептегенде, патенттин негизинде салыктардын жергиликтүү бюджеттер боюнча орточо көрсөткүчү бир адамга 379 сомду түзөт. Бишкек шаарында бул салык бир адамга 1371 сом болду, бул болсо республика боюнча орточо маанисинен 3,6 эсе көп дегенди билдирет.

Бул салык боюнча экинчи орунда Ош шаары турат (бир адамга 619 сомду түзөт). Райондук маанидеги шаарлар да өлкө боюнча орточо көрсөткүчтөн 1,16 эсе көп алат – бир адамга 441 сом туура келет.

Облустук маанидеги шаарлар бир адамга 374 сомду түзүп, республика боюнча орточо маанисинен 1,4 пайызга артта калууда. Дотацияда турбаган айылдык аймактарда киши башына 369 сом туура келет, бул да орточо маанисинен 3 пайызга төмөн.

Дотациялык айылдык аймактар өлкө боюнча кирешелердин орточо көрсөткүчүнөн 16% гана алат, муну менен өлкө боюнча орточо маанисинен 6,1 эсе артта калууда. Патенттин негизиндеги салыктан түшкөн кирешелердин мынчалык төмөн көрсөткүчү айылдык аймактарда ишкерчиликти өнүктүрүү жолу менен аларды толтуруу резервдери бар экенинен жана иштеген ишкерлер патент алып жатканынан кабар берет.

## Шаарлар сатуудан алынган салыкты реформалоодон убайым тартууда

**“ҮЙРӨНЧҮКТӨР” ҮЧҮН КОРУТУНДУ. Салыкты жергиликтүү бюджеттердин курамынан чыгарууну айылдык аймактар эмес, шаарлар көбүрөөк сезмекчи. Сатуудан алынган салык жергиликтүү бюджеттердин салыктык түшүүлөрүнөн 17% камсыз кылат. Аны менен катар сатуудан алынган салыктын басымдуу бөлүгү Бишкектин аймагында чогулат – жергиликтүү бюджеттерге түшкөн сатуудан алынган салыктын жалпы көлөмүнөн 56,8%.**

Калктын жан башына эсептегенде, сатуудан алынган салыктын жергиликтүү бюджеттер боюнча орточо көрсөткүчү бир адамга 328 сомду түзөт. Бишкек шаарында сатуудан алынган салык бир адамга 1167 сомду түзөт, бул болсо республика боюнча орточо маанисинен 3,6 эсе көп дегенди билдирет. Сатуудан алынган салык боюнча экинчи орунду Ош шаары ээлейт (бир адамга 517 сом). Облустук маанидеги шаарлар адам башына 374 сом, ал эми рай-

*6-таблица. ЖӨБ органдарынын топтор боюнча сатуудан алынган салыгы, млн. сом.*

| | Баары | Бишкек ш. | Ош ш. | Облустук маанидеги шаарлар | Райондук маанидеги шаарлар | Айылдык аймактар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | дотацияда турбаган | дотациялык |
| Сатуудан алынган салык, млн. сом | 2016,0 | 1143,8 | 145,9 | 209,1 | 153,1 | 197,4 | 166,7 |
| Салыштырма салмак,% | 100 | 56,8 | 7,2 | 10,3 | 7,6 | 9,8 | 8,3 |
| Калктын жан башына сатуудан алынган салык, сом/адам | 328 | 1167 | 517 | 374 | 442 | 300 | 50 |
| Калктын саны, миң. | 6140 | 980 | 281,9 | 559,8 | 346,4 | 657,9 | 3314 |
| Жалпы кирешелердеги үлүшү, % | 13,6 | 17,5 | 16,4 | 14,3 | 15,7 | 9,4 | 5,8 |

*7-таблица. ЖӨБ органдарынын топтору боюнча салыктык эмес кирешелер, млн. сом.*

| | Баары | Бишкек ш. | Ош ш. | Облустук маанидеги шаарлар | Райондук маанидеги шаарлар | Айылдык аймактар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | дотацияда турбаган | дотациялык |
| Салыктык эмес кирешелер, млн. сом | 2891 | 799 | 120 | 306,2 | 132,7 | 413,1 | 1120 |
| Салыштырма салмак,% | 100 | 27,6 | 4,1 | 10,6 | 4,6 | 14,3 | 38,8 |
| Калктын жан башына салыктык эмес кирешелер, сом/адам | 471 | 815 | 426 | 546 | 383 | 628 | 338 |
| Калктын саны, миң. | 6140 | 980 | 281,9 | 559,8 | 346,4 | 657,9 | 3314 |
| Жалпы кирешедеги үлүш, % | 19,5 | 12,2 | 13,5 | 21,0 | 13,6 | 19,8 | 39,1 |
| Кирешелер, млн. сом | 14796 | 6525,8 | 886,7 | 1457,1 | 973,8 | 2087,2 | 2865,4 |

ондук маанидеги шаарлар адам башына 442 сом алат. Бул болсо өлкө боюнча орточо көрсөткүчтөн ылайыгына жараша 14% жана 34% көп дегенди билдирет.

Дотацияда турбаган айылдык аймактар бир адамга 300 сом алышат, бул болсо орточо маанисинен 9% төмөн дегенди билдирет. Дотациялык айылдык аймактар өлкө боюнча кирешелердин орточо маанисинен 15% гана алат, муну менен өлкө боюнча орточо маанисинен 6,5 эсе артта калууда.

Сатуудан алынган салыктан кирешени 100% чейин республикалык бюджетке өткөрүп берүү шаарлардын жергиликтүү бюджеттеринин абалына терс таасирин тийгизет. Бул шаарлар 2021-жылы бюджеттик кирешелердин болжол менен 14-17 пайызынан куру калышат. Айылдык аймактарда сатуудан алынган салыктан түшкөн кирешени республикалык бюджетке өткөрүп берүү жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин көлөмүнө олуттуу таасирин тийгизбейт.

## Салыктык эмес кирешелер жана жер казынасына салык элеттик бюджеттерди колдоп келүүдө

**"ҮЙРӨНЧҮКТӨР" ҮЧҮН КОРУТУНДУ. Шаарларга караганда айылдык аймактардагы башкаруу органдары салыктык эмес кирешелерди чогултууга көбүрөөк кызыкдар. Салыктык эмес кирешелер жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин дээрлик 20% түзөт. Айылдык аймактарда салыктык эмес түшүүлөр жергиликтүү бюджеттердин жыйынды кирешесинен орточо 40% камсыз кылат (5-таблицаны караңыз). Салыктык эмес кирешелердин басымдуу бөлүгү (38,8%) дотациялык айылдык аймактардын бюджетине түшөт.**

Бишкек шаарынын бюджетине жергиликтүү бюджетке түшкөн бардык салыктык эмес кирешелерден 27,6% түшөт. Салыктык эмес кирешелердин анча олуттуу эмес салыштырма салмагы Ош шаарында (4%).

***8-таблица. Жер казынасын пайдалануу үчүн салыктар, млн. сом менен.***

| | Баары | Бишкек ш. | Ош ш. | Облустук маанидеги шаарлар | Райондук маанидеги шаарлар | Айылдык аймактар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | дотацияда турбаган | дотациялык |
| Жер казынасын пайдалануу үчүн салык, млн. сом | 147,6 | 15,5 | 0,8 | 4,6 | 6,1 | 56,0 | 64,6 |
| Салыштырма салмак, % | 100 | 10,5 | 0,5 | 3,1 | 4,1 | 38,0 | 43,8 |
| Калктын жан башына жер казынасын пайдалануу үчүн салык, сом/адам | 24 | 16 | 2,8 | 8,2 | 17,6 | 85 | 19,5 |
| Калктын саны, миң. | 6140 | 980 | 281,9 | 559,8 | 346,4 | 657,9 сч | 3314 |
| Жалпы кирешелердеги үлүшү, % | 1,0 | 0,2 | 0,0 | 0,3 | 0,6 | 2,7 | 2,2 |
| Кирешелер, млн. сом | 14796 | 6525,8 | 886,7 | 1457,1 | 973,8 | 2087,2 | 2865,4 |

***9-таблица. ЖӨБ органдарынын топтору боюнча менчикке салыктар, млн. сом.***

| | Баары | Бишкек ш. | Ош ш. | Облустук маанидеги шаарлар | Райондук маанидеги шаарлар | Айылдык аймактар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | дотацияда турбаган | дотациялык |
| Менчикке салык, млн. сом | 2625,0 | 940,3 | 165 | 223,4 | 161,2 | 464,3 | 670,8 |
| Салыштырма салмак, % | 100 | 35,8 | 6,3 | 8,5 | 6,1 | 17,7 | 25,6 |
| Калктын жан башына менчикке салык, сом/адам | 428 | 959 | 585 | 399 | 465 | 706 | 202 |
| Калктын саны, миң | 6140 | 980 | 281,9 | 559,8 | 346,4 | 657,9 | 3314 |
| Жалпы кирешелерде үлүшү, % | 17,7 | 14,4 | 18,6 | 15,3 | 16,5 | 22,2 | 23,4 |
| Кирешелер, млн. сом | 14796 | 6525,8 | 886,7 | 1457,1 | 973,8 | 2087,2 | 2865,4 |

***10-таблица. ЖӨБ органдарынын топтору боюнча калктуу конуштардын жерлерин жана айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалануу үчүн жер салыгы, млн. сом.***

| | Баары | Бишкек ш. | Ош ш. | Облустук маанидеги шаарлар | Райондук маанидеги шаарлар | Айылдык аймактар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | дотацияда турбаган | дотациялык |
| Жер салыгы, млн. сом | 558,4 | 149,8 | 31,5 | 66,1 | 52,6 | 158,1 | 100,3 |
| Салыштырма салмак, % | 100 | 26,8 | 5,6 | 11,8 | 9,4 | 28,4 | 18,0 |
| Калктын жан башына жер салыгы, сом/адам | 91 | 153 | 112 | 118 | 152 | 240 | 30 |
| Калктын саны, миң | 6140 | 980 | 281,9 | 559,8 | 346,4 | 657,9 | 3314 |
| Жалпы кирешелердеги үлүшү, % | | | | | | | |
| Кирешелер, млн. сом | 14796 | 6525,8 | 886,7 | 1457,1 | 973,8 | 2087,2 | 2865,4 |

***11-таблица. Транспорттук каражатка салык, млн. сом менен***

| | Баары | Бишкек ш. | Ош ш. | Облустук маанидеги шаарлар | Райондук маанидеги шаарлар | Айылдык аймактар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | дотацияда турбаган | дотациялык |
| Транспорттук каражаттарга салык, млн. сом | 807 | 258 | 36,2 | 75,9 | 54,0 | 141,0 | 241,9 |
| Салыштырма салык, % | 100 | 32 | 4,5 | 9,4 | 6,7 | 17,4 | 30 |
| Калктын жан башына эсептей келгенде транспорттук каражатка салык, сом/адам | 131 | 263 | 128 | 136 | 156 | 214 | 73 |
| Калктын саны, миң | 6140 | 980 | 281,9 | 559,8 | 346,4 | 657,9 | 3314 |
| Жалпы кирешелердеги үлүшү, % | 5,4 | 3,9 | 4,0 | 5,2 | 5,5 | 6,7 | 8,4 |
| Кирешелер, млн. сом | 14796 | 6525,8 | 886,7 | 1457,1 | 973,8 | 2087,2 | 2865,4 |

***12-таблица. Акыга кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр, млн. сом менен***

| | Баары | Бишкек ш. | Ош ш. | Облустук маанидеги шаарлар | Райондук маанидеги шаарлар | Айылдык аймактар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | дотацияда турбаган | дотацияла турган |
| Акыга кызмат көрсөтүүлөрдн түшүүсү, млн. сом менен | 1074,0 | 209,1 | 76,1 | 213,4 | 92,0 | 132,5 | 350,9 |
| Салыштырма салмак,% | 100 | 19,4 | 7,1 | 19,9 | 8,6 | 12,3 | 32,7 |
| Калктын жан башына эсептегенде, акыга кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр. | 175 | 213 | 85,8 | 381 | 266 | 201 | 106 |
| Калктын саны, миң | 6140 | 980 | 281,9 | 559,8 | 346,4 | 657,9 | 3314 |
| Жалпы кирешелердеги үлүшү, % менен | 7,2 | 3,2 | 8,5 | 14,6 | 9,4 | 6,3 | 12,2 |
| Кирешелер, млн. сом менен | 14796 | 6525,8 | 886,7 | 1457,1 | 973,8 | 2087,2 | 2865,4 |

Калктын жан башына эсептегенде, салыктык эмес кирешелердин жергиликтүү бюджеттер боюнча орточо көрсөткүчү бир адамга 471 сомду түзөт. Бишкек шаарында салыктык эмес кирешелер бир адамга 815 сомду түзөт. Бул болсо республика боюнча 1,7 эсе көп дегенди билдирет. Дотациялык эмес айылдык аймактар салыктык эмес кирешелерди өлкө боюнча орточо көрсөткүчтөн 1,3 эсе көп алат – бир адамга 628 сом туура келет.

Калктын жан башына эсептегенде, кирешелер боюнча үчүнчү орунду облустук маанидеги шаарлар ээлейт – бир адамга 546 сом туура келет, бул болсо орточо мааниден 16% жогору дегенди билдирет.

Райондук маанидеги шаарларда бир адамга 383 сом туура келип, республика боюнча орточо мааниден 19% артта калууда. Дотациялык айылдык аймактар өлкө боюнча кирешелердин орточо маанисинен болгону 71% гана алууда, муну менен өлкө боюнча орточо мааниден 1,4 эсе артта калууда.

Салыктык эмес кирешелер шаарларга салыштырмалуу (12-21%) айылдык аймактардагы жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин олуттуу үлүшүн камсыз кылууда (трансферттерди кошпогондо, жалпы кирешеден 20-40%).

Жергиликтүү бюджеттерде жер казынасын пайдалануу үчүн салык жергиликтүү бюджеттердин жыйынды кирешесинен орточо 10% жакынын камсыз кылат (11-таблицаны караңыз). Жергиликтүү бюджеттерге түшкөн жер казынасына салыктардын 43% жакыны дотациялык айылдык аймактардан чогулат. Дотацияда турбаган айылдык аймактарга бул салык боюнча жалпы салыктык түшүүлөрдөн 38% түшөт. Бишкек шаарында бул салыктан 10% жакыны чогулат.

Калктын жан башына эсептегенде, жер казынасына салыктын жергиликтүү бюджеттер боюнча орточо көрсөткүчү бир адамга 24 сомду түзөт. Бул салык боюнча биринчи орунга дотацияда турбаган айылдык аймактар чыкты – бир адамга 85 сом туура келет. Бул болсо өлкө боюнча орточо көрсөткүчтөн 3,5 эсе көп. Дотациялык айылдык аймактар бир адамга 19,5 сом гана алышат, муну менен өлкө боюнча орточо көрсөткүчтөн 21% артта калууда.

Райондук маанидеги шаарлар да өлкө боюнча орточо көрсөткүчтөн 1,4 эсе аз алышат – бир адамга 17,6 сом туура келет. Бишкек шаарында бул салык бир адамга 16 сомду түзөт, бул болсо республика боюнча орточо көрсөткүчтөн 25% аз.

Облустук маанидеги шаарлар өлкө боюнча орточо көрсөткүчкө салыштырмалуу азыраак киреше алат – бир адамга 8,2 сом туура келет жана республика боюнча орточо мааниден 3 эсе артта калууда. Акыркы орунду Ош шаары ээлейт (бир адамга 2,8 сом).

## Менчикке жана жерге салык начар жыйналып жатат

**“ҮЙРӨНЧҮКТӨР” ҮЧҮН КОРУТУНДУ. Менчикке салыктар бардык жергиликтүү бюджеттер боюнча жергиликтүү бюджеттердин жыйынды кирешесинен 17,7% камсыз кылат (9-таблицаны караңыз). Ишкерлер менчикке жана жерге салыктардан “буйтап” кетишүүдө. Бул салыктардын ставкалары төмөн деңгээлде белгиленген жана аны жогорулатууга эч ким кызыкдар эмес.**

Жергиликтүү бюджетке түшкөн менчикке салыктын үчтөн бири Бишкек шаарында жыйналат (35,8%). Дотациялык айылдык аймактарга менчикке салыктардан салыктык түшүүлөрдүн төрттөн бири түшөт.

Калктын жан башына менчикке салыктардын жергиликтүү бюджеттер боюнча орточо көрсөткүчү бир адамга 428 сомду түзөт. Бишкек шаарында бул салык бир адамга 959 сомду түзөт. Бул болсо республика боюнча орточо маанисинен 3,6 эсе көп.

Калктын жан башына эсептегенде, салыктын бул түрү боюнча экинчи орунда дотацияда турбаган айылдык аймактар турат – бир адамга 706 сомду түзөт, бул болсо өлкө боюнча орточо көрсөткүчтөн 1,6 эсе көп.

Үчүнчү орунду Ош шаары ээлейт (бир адамга 585 сом). Райондук маанидеги шаарлар да өлкө боюнча орточо көрсөткүчтөн 1,09 эсе көп алышат – бир адамга 465 сом туура келет.

Облустук маанидеги шаарлар өлкө боюнча орточо көрсөткүчтөн азыраак кирешеге ээ – бир адамга 399 сом жана республика боюнча орточо мааниден 7% артта калууда. Облустук маанидеги шаарларда менчикке салыктык кирешелердин түшүүлөрүнүн мынчалык төмөн көрсөткүчү ишкерчилик менен алектенген объекттерди камтуу жолу менен бул кирешелерди толтуруу резервдери бар экенинен кабар берет.

Дотациялык айылдык аймактар өлкө боюнча кирешелердин орточо көрсөткүчүнөн болгону 47% гана алышат, муну менен өлкө боюнча орточо маанисинен 2,1 эсе артта калууда.

ЖӨБ органдарынын топтору боюнча калктуу конуштардын жерлерин жана айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалануу үчүн жер салыгы жергиликтүү бюджеттердин жыйынды кирешесинен 3,8% жакынын камсыз кылат (8-таблицаны караңыз). Бул салыктын өзгөчө көп үлүшү дотациялык эмес айылдык аймактарда чогулат (28,4%). Бишкек шаарына бул салыктын жалпы көлөмүнөн 26,8% түшөт. Калктын жан башына эсептей келгенде, бул салык дотациялык эмес айылдык аймактарда бир адамга 240 сомду түзөт, Бишкекте болсо 153 сом.

Өлкөдөгү башка калктуу конуштарга салыштырмалуу Бишкек шаары үчүн бул салыктын ставкалары жогору болгонун жана Бишкек шаарында ишкерчилик объекттеринин саны болжоп айтканда 75 айылдык аймактан ашканын эсепке алганда[1], борбор калаада бул салыктан түшүүлөрдүн көлөмүнүн мынчалык төмөн болгону ишкерчилик объекттерин камтуу жолу менен бюджеттик кирешелерди толуктоодо коррупциялык көрүнүштөр орун алганынан кабар берет.

Калктын жан башына эсептей келгенде, жер салыгынын жергиликтүү бюджеттер боюнча орточо көрсөткүчү бир адамга 91 сомду түзөт. Бишкек шаарында калктын жан башына бул салык бир адамга 153 сомду түзөт. Бул болсо райондук маанидеги шаарларда 152 сомду түзөт. Бишкек шаарында бардык башка салыктардын көлөмү орточо көрсөткүчтөргө жана чакан шаарлардагы көрсөткүчтөргө салыштырмалуу 2-3 эсе көп экенин эске алганда, дагы бир жолу айта алабыз – Бишкек шаарында бул салык боюнча резервдер өтө чоң.

Калктын жан башына эсептей келгенде, бул салык боюнча кийинки орунду облустук маанидеги шаарлар (бир адамга 118 сом) жана Ош шаары (бир адамга 112 сом) ээлейт. Дотациялык айылдык аймактар салыкты бир адамга 30 сом көлөмүндө чогултушат, бул болсо өлкө боюнча орточо көрсөткүчтөн 3 эсе аз.

Бардык жергиликтүү бюджеттер боюнча транспорттук каражаттарга салык жергиликтүү бюджеттердин жыйынды кирешесинен 5,4% жакынын камсыз кылат (11-таблицаны караңыз).

Жергиликтүү бюджеттерге түшкөн транспортко салыктардын үчтөн бири Бишкек шаарында (32%) жана дотациялык айылдык аймактарда (30%) чогулат. Дотацияда турбаган айылдык аймактарга бул салыктан 17,4% жалпы салыктык кирешелер түшөт.

Калктын жан башына эсептей келгенде транспорттук каражатка салыктын жергиликтүү бюджеттер боюнча орточо көрсөткүчү бир адамга 131 сомду түзөт. Бишкек шаарында бул салык бир адамга 263 сомго туура келет. Бул болсо республика боюнча орточо маанисинен 2 эсе көп. Бул салык боюнча экинчи орунду дотацияда турбаган айылдык аймактар ээлейт – бир адамга 214 сом туура келет. Муну менен алар Бишкек шаарынан 18,6% артта калууда.

Калктын жан башына эсептей келгенде бул салык боюнча үчүнчү орунду райондук маанидеги шаарлар ээлейт – бир адамга 156 сом туура келет, бул болсо өлкө боюнча орточо көрсөткүчтөн 1,6 эсе көп дегенди билдирет. Облустук маанидеги шаарлар өлкө боюнча орточо салыштырма кирешеге ээ – бир адамга 136 сом туура келет жана республика боюнча орточо мааниден 1-2 пайызга ашат.

Кийинки орунду Ош шаары (бир адамга 128 сом) жана дотациялык айылдык аймактар (бир адамга 73 сом) ээлейт. Алар өлкө боюнча орточо көрсөткүчтөн 3% жана 4% аз киреше алышат. Ош шаарында транспорт каражаттарына салыктын түшүүсү мынчалык төмөн болгону транспорт каражаттарынын ээлерин аныктоо жолу менен бул кирешени көбөйтүүгө боло турганын тастыктайт.

## Бишкектеги жана Оштогу акыга кызмат көрсөтүүлөр – коррупциянын очогубу?

**“Үйрөнчүктөр” үчүн корутунду. Жергиликтүү бюджеттерге акыга кызмат көрсөтүүлөрдөн кирешелердин түшүүсү орточо жергиликтүү бюджеттердин жыйынды кирешесинен болжол менен 7,2% камсыз кылат (10-таблица). Аны менен катар Бишкек жана Ош шаарларында бул кирешелер өз деңгээлинде же айрым элеттик ЖӨБго салыштырмалуу төмөн деңгээлде кала берүүдө.**

Жергиликтүү бюджеттерге түшкөн акыга кызмат көрсөтүүлөрдөн кирешелердин үчтөн бири дотациялык айылдык аймактарда (32,7%) жана облустук маанидеги шаарларда жана Бишкек шаарында (19,4%) чогултулат. Дотацияда турбаган айылдык аймактарга акыга кызмат көрсөтүүлөрдөн жалпы кирешелердин 12,3% түшөт.

[1] Бишкек шаарында салыктардын бардык башка көрсөткүчтөрү дотацияда турбаган айылдык аймактардын көрсөткүчтөрүнөн ашкандыктан (мисалы, 2-топтогу менчикке салык 6 эсе) Бишкекте ал 393,5 млн. сомго барабар. Ал эми дотацияда турбаган айылдык аймактарда 64,3 млн. сомго барабар). Бишкек шаарында сатуудан алынган салыктын чогулушу дотацияда турбаган айылдык аймактардагы жыйымдан 5,8 эсе ашат ж.б. Борбор калаанын калкынын саны дотацияда турбаган айылдык аймактарга салыштырмалуу дээрлик 50% көп.

Калктын жан башына эсептей келгенде, акыга кызмат көрсөтүүлөрдөн кирешелердин жергиликтүү бюджет боюнча орточо көрсөткүчү бир адамга 175 сомду түзөт. Облустук маанидеги шаарлар өлкө боюнча эң көп кирешеге ээ – бир адамга 381 сом туура келет жана республика боюнча орточо маанисинен 2,1 эсе ашат. Бул киреше боюнча экинчи орунду райондук маанидеги шаарлар ээлейт – бир адамга 266 сом, бул болсо өлкө боюнча орточо көрсөткүчтөн 1,5 эсе көп дегенди билдирет.

Бишкек шаарында бул киреше бир адамга 213 сомду түзөт. Бул болсо республика боюнча орточо көрсөткүчтөн 1,2 эсе көп. Кийинки орунду дотацияда турбаган айылдык аймактар ээлейт (201 сом).

Ош шаары (128 сом/адам) жана дотациядагы айылдык аймактар (106 сом/адам) өлкө боюнча орточо көрсөткүчтөн 26% жана 41% аз киреше алышат. Ош, Бишкек шаарларында кызмат көрсөтүүлөрдөн кирешелердин аз чогулганы мамлекеттик кызматтардын дыкат иликтөөсүн талап кылат.

## Кесипкөйлөр үчүн корутундулар:

- КРнын бюджеттик системасы бюджеттик ресурстар өтө жогорку деңгээлде борборлоштурулганы менен мүнөздөлөт. 2017-жылы Кыргызстандын мамлекеттик бюджетине карата республикалык бюджет 90% түзгөн. Ресурстардын ушинтип бөлүштүрүлүшү 1996-жылдан 2017-жылга чейинки мезгил аралыгында калыптанган. Айталы, бул мезгилде жергиликтүү бюджеттин кирешеси 12,4 эсе, ал эми республикалык бюджеттин кирешелери 36 эсе өскөн. 1996-жылы республикалык бюджет жергиликтүүдөн 2,3 эсе ашса, 2017-жылы 6,7 эсе ашты. 2017-жылы ИДПга карата жергиликтүү бюджеттин кирешелери 3,9%, республикалык бюджеттин кирешеси 25,8% болгон (1996-жылы жергиликтүү бюджеттин кирешеси 6,9%, республикалык бюджеттин кирешеси 16% түздү).
- Республикалык бюджетке салыштырмалуу жергиликтүү бюджеттердин өсүш темптеринде артта калуунун бирден бир себеби бар: жергиликтүү бюджеттердин структурасында белгиленген салыктар басымдуулук кылат, алар узак мөөнөткө бюджеттик кирешелердин өсүшүн камсыз кыла албайт. Мындан улам экономиканын өсүшүнө көз каранды болгон салыктардын үлүшү көбөйтүлүшү керек. Себеби жергиликтүү бюджеттердин салыктарынын өсүшү жетишсиз болсо, узак мөөнөттүү мезгил ичинде жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүнө тоскоолдуктар жаралат.
- Дотациядагы айылдык аймактар өлкө боюнча кирешелердин орточо маанисинен 36% гана алышат, муну менен өлкө боюнча орточо маанисинен 2,8 эсе артта калууда. Дотациялык айылдык аймактардагы калктын саны өлкө калкынын жарымынан көбүн түзөт (54%). Аны менен катар өлкө калкынын жарымынан көбү жашаган дотациялык айылдык аймактарда теңдештирүүчү трансферттерди эсепке алганда, киреше киши башына 1413 сомду түзөт. Бул болсо өлкө боюнча орточо көрсөткүчкө салыштырмалуу 1,7 эсе аз дегенди билдирет. Мындан улам бюджеттик системанын деңгээлдери ортосунда бюджеттик ресурстарды кайра бөлүштүрүүнү өлкө боюнча салык потенциалы төмөн болгон дотациялык айылдык аймактардан башташ керек.
- 1996-жылга чейинки бюджет аралык мамилелер боюнча практиканы эсепке алуу зарыл. Ошол мезгилде жалпы мамлекеттик кирешелерден чегерүүлөрдүн дифференцияланган нормативдери колдонулчу (трансферттер жергиликтүү бюджеттердин жалпы кирешелеринен 15% түзчү). Дотацияда турбаган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн колдонуудагы нормативдерди сактап калуу менен, жөнгө салынган жалпы мамлекеттик кирешелердин тизмегин жана дотациядагы айылдык аймактар үчүн чегерүүлөрдүн нормативдерин кайра карап чыгууну сунуштайбыз.
- Кирешелерди толуктоо үчүн резервдер аныкталды: КРнын калктуу калктуу конуштарынын жерлерин жана шаарларда, биринчи кезекте Бишкек шаарында айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалануу үчүн жер салыгы. Анализ көрсөткөндөй, калктын жан башына эсептей келгенде, бул салык дотациялык эмес айылдык аймактарда бир адамга 240 сомду түзөт, Бишкекте болсо 153 сом. Өлкөдөгү башка калктуу конуштарга салыштырмалуу Бишкек шаары үчүн бул салыктын ставкалары жогору болгонун жана Бишкек шаарында ишкерчилик объекттеринин саны болжоп айтканда 75 айылдык аймактан ашканын эсепке алганда1, борбор калаада бул салыктан түшүүлөрдүн көлөмүнүн мынчалык төмөн болгону ишкерчилик объекттерин камтуу жолу менен бюджеттик кирешелерди толуктаса болоорунан кабар берет. Бишкекте резервдер тууралуу корутунду чын болгонун дагы бир факт ырастап турат: калктын жан башына эсептей келгенде, райондук маанидеги шаарларда бул салык 152 сомду түзөт. Бул болсо Бишкек шаарынын көрсөткүчүнө дээрлик барабар (бир адамга 153 сом).

[1] Бишкек шаарында салыктардын бардык башка көрсөткүчтөрү дотацияда турбаган айылдык аймактардын көрсөткүчтөрүнөн ашкандыктан (мисалы, 2-топтогу менчикке салык 6 эсе) Бишкекте ал 393,5 млн. сомго барабар. Ал эми дотацияда турбаган айылдык аймактарда 64,3 млн. сомго барабар). Бишкек шаарында сатуудан алынган салыктын чогулганы дотацияда турбаган айылдык аймактардагы жыйымдан 5,8 эсе ашат ж.б. Борбор калаанын калкынын саны дотацияда турбаган айылдык аймактарга салыштырмалуу дээрлик 50% көп.